КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

ТАЛАС МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

ТалМУнун Окумуштуулар
Кеңешинде бекитилди
Протокол № 11
"27" 08 2024-ж.

БЕКИТЕМИН
ТалМУнун ректору
Шаршембиев Ж.С
"28" 08 2024-ж.

# ЖОГОРКУ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН НЕГИЗГИ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫ

ДАЯРДОО БАГЫТЫ: 550700 – ПЕДАГОГИКА

ПРОФИЛЬ: "МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БИЛИМ БЕРҮҮ"

БҮТҮРҮҮЧҮНҮН КВАЛИФИКАЦИЯЛЫК ДАРАЖАСЫ: БАКАЛАВР

ОКУТУУНУН НОРМАТИВДИК МӨӨНӨТҮ: 4 ЖЫЛ (5 ЖЫЛ)

ОКУТУУНУН ФОРМАСЫ: КҮНДҮЗГҮ, СЫРТТАН

ТАЛАС – 2024

# МАЗМУНУ

Колдонулган терминдер жана кыскартуулар........................................................................3
1.Жалпы жоболор.....................................................................................................................4
1.1. 550700 Педагогика багыты боюнча бакалаврды даярдоонун негизги билим берүү программасы (НББП)..........................................................................................5
1.2. 550700 Педагогика багыты боюнча бакалавр баскычындагы адистерди даярдоонун НББПсын иштеп чыгуудагы нормативдик документтер...............5
1.3. 550700 Педагогика багыты боюнча адистерди даярдоонун жогорку кесиптик билим берүүдөгү (мындан ары ЖКББ) НББПнын жалпы мүнөздөмөсү....................................................................................................................................6
1.4. Абитуриенттердин билим деңгээлинин даярдыгына талаптар...............................9
2. 550700 Педагогика багыты боюнча бакалавриат баскычындагы бүтүрүүчүнүн кесиптик мүнөздөмөсү............................................................................................9
2.1.Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердик чөйрөсү..........................................................10
2.2. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердигинин объектиси...............................................10
2.3. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердигинин түрлөрү...................................................10
2.4. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердигинин милдеттери.............................................10
3. 550700 Педагогика багытындагы " Мектепке чейинки билим берүү" профилинин НББП аяктаганда бүтүрүүчүнүн окутуунун күтүлүүчү натыйжаларына ээ болуучу компетенциялары...........................................................11
3.1. НББПнын негизги компетенциялары...........................................................................12
3.2. Окутуунун максаттары менен окутуунун натыйжаларынын дал келүүчүлүк матрицасы......................................................................................................13
4. 550700 "Мектепке чейинки билим берүү " профилинин НББПсын ишке ашыруунун мазмуну жана окуу процессин уюштуруунун регламентөөчү документтери................................................................................................................16
4.1. Календардык окуу графиги (Тиркеме)
4.2. Бакалаврды даярдоонун окуу жана жумушчу планы (Тиркеме)
4.3. 550700 "Мектепке чейинки билим берүү усулу" профилинин адистерин даярдоодогу окутулуучу дисциплиналардын аннотациялары.........................16
4.4. Адаптациялык, кесиптик -базалык, кесиптик –профилдик практикалардын окуу программалары...................................................................................37
5. НББПсын окуу-методикалык жана маалыматтык камсыздоо.................................45
5.1. ЖКББнүн НББПсын ишке ашыруунун кадрдык камсыздалышы...........................45
5.2. Окуу процессинин окуу-методикалык жана маалыматтык камсыздалышы..................................................................................................................46
5.3. Окуу процессинин материалдык-техникалык камсыздалышы.................................47
6. ЖКББнүн НББПсын өздөштүрүү сапатын баалоо системасынын нормативдик-методикалык камсыздалышы...........................................................47
6.1. Жетишүүнү учурдагы текшерүү жана аралык аттестация........................................48
6.2. Бүтүрүүчүнүн мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясы....................................42
НББП сын иштеп чыккандар.................................................................................................49

## Колдонулган терминдер жана кыскартуулар

Жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасында "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү жаатында белгиленген тартипте кабыл алган эл аралык документтерге ылайык терминдер жана аныктамалар пайдаланылат.

**-негизги билим берүү программасы** - максаттарды, күтүлүүчү натыйжаларды, даярдоонун тийиштүү багыты боюнча билим берүү процессин ишке ашыруунун мазмунун жана уюштурулушун регламенттөөчү окуу-методикалык документтердин жыйындысы;

- **даярдоонун багыты** - ар түрдүү профилдеги, фундаменталдуу даярдоонун жалпылыгы негизиндеги интеграцияланган жогорку кесиптик билимдүү кадрларды (адистерди, бакалаврларды жана магистрлерди) даярдоо үчүн билим берүү программаларынын жыйындысы;
- **профиль** - негизги билим берүү программасынын конкреттүү бир түргө багытталышы жана (же) кесиптик иш объекти;
- **дисциплиналардын цикли** - окутуунун, тарбиялоонун белгиленген максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык жыйынтыкка ээ болгон билим берүү программасынын бир бөлүгү же окуу дисциплиналарынын жыйындысы;
- **модуль** - окутуунун, тарбиялоонун белгиленген максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык жыйынтыкка ээ болгонокуу дисциплинасынын бөлүгү;
- **компетенттүүлүк** - тийиштүү тармакта кесиптик иш жүргүзүү үчүн зарыл жекече сапаттардын, билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн кыймылдуу комбинациясы;
- **бакалавр** - академиялык даража, ал 4 жылдан кем эмес окуу мөөнөтү мененбилим берүүнүн тийиштүү негизги билим берүү программаларын ийгиликтүү өздөштүргөн адамдарга аттестациянын натыйжалары боюнча ыйгарылат жана ага ээ болгондорго белгилүү бир кесиптик иш жүргүзүүгө же тийиштүү багыт боюнча "магистр" академиялык даражасын алуу үчүн окуусун улантууга укук берет;
- **кредит (зачеттук бирдик)** - негизги кесиптик билим берүү программасынын сыйымдуулугунун шарттуу өлчөмү;
- **окутуунун натыйжалары** - негизги билим берүү программасы модулу боюнча окуунун натыйжасында ээ болгон компетенциялар.

### Кыскартуулар жана белгилөөлөр:

Негизги билим берүү программасында төмөндөгү кыскартуулар колдонулат.

**МББС** - Мамлекеттик билим берүү стандарты;

**ЖКББ** - жогорку кесиптик билим берүү;

**НББП** - негизги билим берүү программасы;

**ОМБ** - окуу-методикалык бирикме;

**НББП ДЦ** - негизги билим берүү программасынын дисциплиналарынын цикли;

**ЖИК** - жалпы илимий компетенциялар;

**ИК** - инструменталдык компетенциялар;

**КК** - кесиптик компетенциялар;

**СИЖМК** - социалдык-инсандык жана жалпы маданий компетенциялар.

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

550700. Педагогика багыты боюнча бакалавр баскычындагы адистерди даярдоонун негизги билим берүү программасы (мындан ары ПББ НББП) Мамлекеттик билим берүү стандартына «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү билим берүү жаатындагы аныктаган тартипте башка ченемдик укуктук актыларына ылайык, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан иштелип чыккан жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктаган тартипте бекитилген (Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамы (11-августь 2023-жыл №179), Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын редакцияларында 28- декабрь 2006-жыл № 225, 31-июль 2007-жыл № 111, 31-июль 2007-жыл № 115, 20-январь 2009-жыл № 10, 17- июнь 2009-жыл № 185, 15-январь 2010- жыл № 2, 13-июнь 2011-жыл № 42, 8-август 2011-жыл № 150, 29-декабрь 2011-жыл № 255, 23-август 2011-жыл № 496, 29-май 2012-жыл № 347, 30- июль 2013-жыл №176,) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн билим берүү жаатындагы аныктаган тартиптеги башка ченемдик укуктук актыларына, Талас мамлекеттик университетинин педагогикалык практикаларды өткөрүү боюнча жобого (ТалМУ, 29.05.2024), Студенттердин тандоо курсу боюнча жобого (ТалМУ 17.02.2022), Талас мамлекеттик университетинин бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жөнүндөгү жобого (28.02.24) ылайык иштелип чыкты жана Окумуштуулар кеңешинин №11 28.08.2024-жылдын протоколу менен бекитилди. (Тиркеме-1)

НББП окутуунун максатын, күтүлүүчү натыйжаларын, мазмунун, окуу процессин ишке ашыруунун технологияларын, шарттарын регламенттештирет жана адистерди даярдоонун сапатын баалоону аныктап, өз ичине: окуу планын, окуу курстарынын, предметтердин, дисциплиналардын (модулдардын) жумушчу программаларын жана адаптациялык-педагогикалык, кесиптик-педагогикалык, кесиптик-профилдик педагогикалык практикалардын окуу-методикалык мазмундагы документтерин ичине камтыйт.

НББПсын усулдук камсыздоо үчүн окуу-методикалык комплексине ылайык төмөнкү документтер иштелип чыккан:

- Окуу планы;
- Окуу дисциплиналарынын программалары, практиканын программалары жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын программалары ;
- Календардык окуу графиктери;
- Компетенцияларды калыптандыруучу окуу-тарбиялык иштердин планы;
- НББП өздөштүрүүнүн ар бир этабында (учурдагы, аралык жана жыйынтык аттестациялоодо) жалпы маданий жана кесиптик компетенцияларын калыптандыруучу инновациялык баалоо каражаттары :
    - Компеттенттүүлүккө багытталган тестер
    - Практикалык көндүмдөрдү өнүктүрүүчү тапшырмалар
    - Портфолио

550700 Педагогика багытынын “Мектепке чейинки билим берүү” профилинде бакалавр баскычындагы адистерди даярдоонун НББПсы “Педагогика” кафедрасы тарабынан ишке ашырылат.

**1.2. 550700 Педагогика багыты боюнча бакалавр баскычынидагы адистерди даярдоонун НББПсын иштеп чыгуудагы нормативдик документтер**

НБППнын нормативдик укуктук базасын төмөнкүлөр түзүп турат:

- Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндөгү” Мыйзамы (№179, 11-августь 2023-ж.);
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан 2004-ж. 3-

февралда бекитилген Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүүнү уюштуруу жөнүндөгү № 53 жобосу;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан 2011-жылдын 23-августундагы Кыргыз Республикасында жогорку кесиптик билим берүүнүн эки деңгээлдүү түзүмүн белгилөө жөнүндөгү № 496 токтому;
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2021-ж. 12-сентябрдагы №158\1 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик жогорку кесиптик билим берүү стандарты (ГОС);
- Кыргыз Республикасынын билим берүү министрлигинин нормативдик- методикалык документтери;
- ТалМУнун Уставы (КР ББИМ буйругу 2131/1 23.12.2021бекитилген)

## 1.3. 550700 Педагогика багыты боюнча адистерди даярдоонун жогорку кесиптик билим берүүдөгү (мындан ары ЖКББ) НББПнын жалпы мүнөздөмөсү

### ЖКББ НББПнын максаты

550700 Педагогика багытындагы «Мектепке чейинки билим берүү» профилинин НББПсынын максаты ТалМУнун миссиясына "Заманбап кесиптик компетенттүүлүккө ээ, атаандаштыкка жана ийгиликтүү карьералык өсүүгө жөндөмдүү адистерди даярдайбыз" (Окумуштуулар кеңешинин чечими 28.02.2024 протокол №6) жана "Окуу процессин, илимди жана окутуунун инновациялык ыкмаларын эффективдүү интеграциялоонун негизинде коомдун заманбап талаптарына жооп берген адистерди калыптандырууга" максатына негизделип, ЖКББ мамлекеттик стандартынын 3.4., 3.4.1., 3.4.2. пунктарына туура келген студенттердин жалпы илимий, инструменталдык, социалдык-инсандык жана жалпы маданий, кесиптик компетенцияларын калыптандырууга багытталган.

**1-максат**: Тез өзгөрүп жаткан дүйнөдө үзгүлтүксүз компетенттүүлүккө багытталган билим берүүнүн кесиптик маселелерин чечүүгө жөндөмдүү тарбиячыларды даярдоо.

**2-максат**: Заманбап, окутуунун инновациялык технологияларын окуу процессинде колдонууда креативдүү ой жүгүртүүнү өнүктүрүү.

**3-максат**: Студенттердин инсандык сапаттарын өнүктүрүүдө нарктуу баалуулуктарды, атуулдук милдеттерди, нравалык жүрүм-турумдун

нормаларын үзгүлтүксүз билим берүү аркылуу жана өзүн-өзү тарбиялоонун алкагында өз кесибин өркүндөтүүгө умтулуусун уюштуруу.

**4-максат:** Бүтүрүүчүлөрдү билим берүү, социалдык жана илимий чөйрөдө өзүн-өзү өнүктүрүүгө, келечекте билим берүүнүн траекториясын ишке ашырууга даярдоо.

НББПнын күтүлүүчү натыйжалары азыркы коомдун кесипкөй,компетенттүү жана атаандаштыкка жөндөмдүү адистерин даярдоого негизделип, келечектеги мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын тарбиячылары ээ болуучу кесиптик компетенцияларга маани берилген. Окутуунун күтүлүүчү натыйжаларын аныктоодо иш берүүчүлөр тарабынан эмгек рыногунун талаптары эске алынып, кафедранын профессордук –окутуучулар курамынын катышуусу менен иштелип чыккан.

**Окутуунун күтүлүүчү натыйжалары:**

ОН-1 Курчап турган дүйнө жөнүндө илимий билимдерди сын көз менен баалай жана колдоно алат, жашоонун, маданияттын баалуулуктарына багыт алат жана активдүү жарандык позицияны ээлей алат, адамдарга сый-урмат жана толеранттуулукту көрсөтө алат.

ОН-2 Педагогикалык иш аракетте жана окууда татаал маселелерди чечүү үчүн маалыматтык технологияларды колдонуу менен жаңы билимдерди алууга жана колдонууга жөндөмдүү.

ОН-3 Жеке адамдардын же топтордун кесиптик ишмердигинде максаттарга жетишүүнү камсыз кыла алат.

ОН-4 Кесиптик маселелерди чечүү үчүн психологиялык-педагогикалык компетенцияларды колдонууга даяр жана педагогикалык изилдөөлөрдүн натыйжаларын кесиптик ишмердүүлүктө колдоно алат.

ОН-5 Методикалык маселелерди (моделдер, методдор, технологиялар жана окутуу ыкмалары) чечүүнү билет жана окутуунун сапатын баалоо технологияларын колдоно алат.

ОН-6 Демократиялык коомдогу жашоодо зарыл болгон нарктуу баалуулуктарды: атуулдук жана патриоттук ишенимдерди, нравалык жүрүм-турумдун нормаларын, эстетикалык баалуулуктарды, социалдык укуктарды, инклюзияны кабыл алууну өздөштүрөт.

ОН-7 Программанын темаларынын жана бөлүмдөрүнүн өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен жана окуу планына ылайык предметтер боюнча окуу сабактарын пландаштыра алат.

ОН-8 Билим берүү процессинде окуп жаткандардын ден соолугун коргоо жана өмүрүнүн коопсуздугун сактоо боюнча шарттарды түзө алат.

ОН-9 Кесиптик ишмердүүлүктүн маселелерин чечүү үчүн коомдук жана билим берүүчү мекемелер, балдар коллективи жана ата-энелер менен өз ара аракеттенүүнү уюштура алат.

ОН-10 Мектепке чейинки курактагы баланын когнитивдик, социалдык-эмоционалдык, физикалык, эстетикалык өнүгүүсү жөнүндө теориялык билимге ээ болот.

ОН-11 Интеллектуалдык жана психикалык өнүгүүсүнүн кемчиликтери бар, сүйлөө, угуу жана көрүүнүн бузулушу, кыймыл-аракет аппаратынын жана жүрүм-турум өзгөчөлүктөрүнүн бузулушу бар балдардын өнүгүүсүндөгү ар кандай четтөөлөрдүн структуралары жөнүндө билимге ээ болот.

ОН-12 Кесиптик жактан өзүн-өзү өнүктүрүүгө, келечекте билим берүү траекториясын ишке ашырууга жана кесиптик карьералык өсүп - өнүгүүгө жөндөмдүү.

**ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү**

550700 Педагогика багытындагы “Педагогика жана мектепке чейинки билим берүүнүн усулу” адисинин бакалавр баскычында ЖКББ НББПсын өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү:

– күндүзгү окуу формасы үчүн 4 жыл;
– сырттан (дистанттык) окуу формасы үчүн 5 жыл.

**550700 Педагогика багытындагы “Мектепке чейинки билим берүү” адистиги боюнча бакалаврды даярдоонун ЖКББ НББПын өздөштүрүүнүн окуу жүктөмү**

НББП өздөштүрүүнүн көлөмү окуу мөөнөтүнүн бардык мезгили ичинде ЖКББ Мамлекеттик стандарты боюнча 240 кредитти түзөт, окуу жылында эмгек сыйымдуулугу 60 тан кем эмес кредит, ар бир окуу семестринде 30 дан кем эмес кредитти түзөт, ал өз ичине бардык аудиториялык саатарды, студенттин өз алдынча иштерин, практика жана НББП өздөштүрүүсүн текшерүүгө берилген убакытты камтыйт.

№1-таблица. НББП өздөштүрүү көлөмү, мөөнөтү жана квалификациясы

| НББП аталышы | Квалификация | | НББПны өздөштүрүүнүн нормативдик мөөнөтү | Эмгек көлөмү (кредит саат) |
|---|---|---|---|---|
| | Квалификациянын коду | аталышы | | |
| НББП бакалавриат | 550700 | бакалавр | 4 жыл, 5 жыл | 240 |

**1.4. Абитуриенттердин билим деңгээлинин даярдыгына талаптар**

Жалпы республикалык тестирлөөдөн алган баллдын коюлган чекке жетүүсү (жалпы-115балл, предметтик-60 балл);

Мамлекеттик үлгүдөгү орто же орто кесиптик (жогорку) билими тууралуу документтин болушу;

Психологиялык абалынын, ден-соолугунун билим алууга мүмкүндүк берүүсү;

Адистикти өз каалоосу менен тандоосу, тандаган адистиги жөнүндө түшүнүгү, максаттуу аракети болуусу шарт.

**2.550700 Педагогика багытынын «Педагогика жана мектепке чейинки билим берүүнун усулу» адистиги боюнча бакалавр баскычындагы бүтүрүүчүнүн кесиптик мүнөздөмөсү**

550700 “Педагогика” багыты боюнча бакалаврдын кесиптик ишмердигинин мүнөздөмөсү ЖКББнүн Мамлекеттик стандартында белгиленген.

**2.1. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердик чөйрөсү**

550700. Педагогика багытынын “Мектепке чейинки билим берүү” адистиги боюнча (бакалавр) бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик ишмердик чөйрөсүнө төмөнкүлөр кирет:

- Республиканын мектепке чейинки билим берүү уюмдары, орто кесиптик билим берүү уюмдары, кошумча кесиптик билим берүү уюмдары;
- илим изилдөө борборлору;
- коомдук уюмдар.

Окууну ийгиликтүү аяктаган бүтүрүүчүлөр магистратура жана докторантурада билимдерин өркүндөтүшүп, диссертацияларын жактоо менен окумуштуулук даражага ээ болушат.

## 2.2. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердигинин объектилери

550700 Педагогика багытында "Мектепке чейинки билим берүү" профилинде бакалавр академиялык даражасына ээ болгон бүтүрүүчүлөрдүн ишмердик объектилери – мектепке чейинки билим берүү уюмдары, коомдук уюмдар, мамлекеттик структуралар, илим изилдөө мекемелери.

## 2.3. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердигинин түрлөрү

550700 Педагогика багыты боюнча бакалавр төмөндөгүдөй кесиптик ишмердигинин түрлөрүнө даяр болот:

-Педагог(тарбиячы) катары билим берүү процесстеринин мыйзам ченемдүүлүктөрүн түшүнүү, интерпретациялоо;

-Педагогика, мектепке чейинки педагогика, психология, балдар психологиясы, мектепке чейинки билим берүүнү окутуунун методикасы, МЧББ балдардын элементардык математикалык элестөөлөрүн калыптандыруу, балдардын сөзүн өстүрүүнүн методикасы, инсанга багыттап окутуу, экологиялык жана экономикалык билим берүүнүн теориясы жана методикасы, сөз өстүрүүнүн теориясы жана методикасы, сабаттуулукка үйрөтүү ж.б. предметтер боюнча билим, тарбия берүү;

-окуу-тарбия процессин уюштуруу жана башкаруу;

- аналитикалык, илимий-изилдөөчүлүк ишмердүүлүгү.

**Бакалаврдын кесиптик ишмердигинин милдеттери:**

550700 Педагогика багытынын "Мектепке чейинки билим берүү" профилинин бакалавр адиси өзүнүн кесиптик милдеттерине ылайык төмөндөгүдөй маселелерди чечүүгө тийиш.

**Педагог(тарбиячы) катары билим берүү процесстеринин мыйзам ченемдүүлүктөрүн түшүнүү, интерпретациялоо ишмердиги:**

- педагогикалык жараяндын мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана кыймылдаткыч күчтөрүн, билим берүү жараянындагы инсандын ордун аныктоо;
- педагогикалык жараянды талдоодо педагогикалык мамиленин элементтерин колдоно билүү, педагогикалык фактыларды туура талдоо, себеп-натыйжа байланыштарын белгилөө;
- дүйнөлүк билим берүүнүн бир бөлүгү катары Кыргызстандын билим берүүсүнүн өнүгүү мүнөзүн жана өзгөчөлүктөрүн бөлүп көрсөтүү;
-элдик мурастарга, маданий салттарга кылдат жана аяр мамиле жасоо, мекенчилдик, активдүү жарандык позициясын карманууу.
- педагогика, мектепке чейинки педагогика, психология, балдар психологиясы, мектепке чейинки билим берүүнү окутуунун методикасы,

МЧБ элементардык математикалык элестөөлөрүн калыптандыруу, балдардын сөзүн өстүрүүнүн методикасы, инсанга багыттап окутуу, экологиялык жана экономикалык билим берүүнүн теориясы жана методикасы, сөз өстүрүүнүн теориясы жана методикасы, сабаттуулукка үйрөтүү ж.б. предметтер боюнча билим, тарбия берүү ишмердиги;

- педагогикалык илимдер боюнча билим берүү программаларын, аларга дидактикалык материалдарды өз алдынча тандоо жана аларды адаптациялашкандан соң, окуу-тарбия процессинде педагогикалык рефлексиянын негизинде колдонуу;
- окуу планына ылайык, программанын бөлүмдөрүнүн жана темалардын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен предмет боюнча сабакты пландаштыруу жана өткөрүү;
- дүйнөнүн жана Кыргызстандын билим берүүсүн, педагогикалык илимдердин негизин окутуп-үйрөтүү аркылуу жаштарда мекенчил, гумандуулук, сабырдуулук, адилеттүүлүк сапаттарын калыптандыруу, дүйнө таанымын кеңейтүү.

**Окуу процессин уюштуруу жана башкаруу ишмердиги**

- билим берүү процессин муктаждыктарга, окуучулардын заманбап, окутуу технологияларындагы илимий негизделген жетишкендиктерине ылайык пландоо жана ишке ашыруу;
- көп маданияттуу коомдогу мамилелерди жөнгө салуучу укуктук жана этикалык нормаларды кармануу жана маданий айырмачылыктарына карабай, бардык окуучуларга бирдей мүмкүнчүлүк түзүп берүү;
- окуу процессинин бардык субъектеринде жеке инсандар ортосундагы позитивдүү жана конструктивдүү мамилелерди уюуштуруу, башкаруучулук чечимдерди кабыл алуу.

**Аналитикалык, илимий-изилдөөчүлүк ишмердиги:**

- изилдөө ишинин планын түзүү жана оңдоп-түзөө, жыйналган маалыматтарды талдоо жана интерпретациялоо, илимий-изилдөө ишмердигин жүргүзүү.

## 3. 550700 Педагогика багытындагы “Мектепке чейинки билим берүү” профилинин НББП аяктаганда бүтүрүүчүнүн окутуунун күтүлүүчү натыйжаларына ээ болуучу компетенциялары

### Жалпы илимий компетенциялар

**ЖК-1-** Курчап турган дүйнө жөнүндө илимий билимдерди сын көз менен баалай жана колдоно алат, жашоонун, маданияттын баалуулуктарына

багыт алат жана активдүү жарандык позицияны ээлей алат, адамдарга сый-урмат жана толеранттуулукту көрсөтө алат.

**Инструменталдык компетенциялар (ИК):**

**ИК-2** – Иште жана окууда татаал маселелерди чечүү үчүн маалыматтык технологияларды колдонуу менен жаңы билимдерди алууга жана колдонууга жөндөмдүү;

**Социалдык-инсандык жана жалпы маданий компетенциялар (СИЖМК)**:

**СИЖМК-1**- Жеке адамдардын же топтордун кесиптик ишмердигинде максаттарга жетишүүнү камсыз кыла алат

**Кесиптик компетенциялар (КК):**

**КК-1** Кесиптик маселелерди чечүү үчүн психологиялык-педагогикалык компетенцияларды колдонууга даяр жана педагогикалык изилдөөлөрдүн натыйжаларын кесиптик ишмердүүлүктө колдоно алат.

**КК-2** Методикалык маселелерди (моделдер, методдор, технологиялар жана окутуу ыкмалары) чечүүнү билет жана окутуунун сапатын баалоо технологияларын колдоно алат.

**КК-3** Демократиялык коомдогу жашоодо зарыл болгон нарктуу баалуулуктарды: атуулдук жана патриоттук ишенимдерди, нравалык жүрүм-турумдун нормаларын, эстетикалык баалуулуктарды, социалдык укуктарды, инклюзияны кабыл алууну өздөштүрөт

**КК-4** Программанын темаларынын жана бөлүмдөрүнүн өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен жана окуу планына ылайык предметтер боюнча окуу сабактарын пландаштыра алат.

**КК-5** Билим берүү процессинде окуп жаткандардын ден соолугун коргоо жана өмүрүнүн коопсуздугун сактоо боюнча шарттарды түзө алат.

**КК-6** Кесиптик ишмердүүлүктүн маселелерин чечүү үчүн коомдук жана билим берүүчү мекемелер, балдар коллективи жана ата-энелер менен өз ара аракеттенүүнү уюштура алат.

**КК-7** Мектепке чейинки курактагы баланын когнитивдик, социалдык-эмоционалдык, физикалык, эстетикалык өнүгүүсү жөнүндө теориялык билимге ээ болот.

**КК-8** Интеллектуалдык жана психикалык өнүгүүсүнүн кемчиликтери бар, сүйлөө, угуу жана көрүүнүн бузулушу, кыймыл-аракет аппаратынын жана жүрүм-турум өзгөчөлүктөрүнүн бузулушу бар балдардын

өнүгүүсүндөгү ар кандай четтөөлөрдүн структуралары жөнүндө билимге ээ болот.

**КК-9** Кесиптик жактан өзүн-өзү өнүктүрүүгө, келечекте билим берүү траекториясын ишке ашырууга жана кесиптик карьералык өсүп - өнүгүүгө жөндөмдүү.

**Окутуунун максаттары менен окутуунун натыйжаларынын дал келүүчүлүк матрицасы**:

| **Окутуунун күтүлүүчү натыйжалары** | **1-максат** | **2-максат** | **3-максат** | **4-максат** |
|---|---|---|---|---|
| **ОН-1** | + | + | | + |
| **ОН-2** | + | + | | + |
| **ОН-3** | + | + | | + |
| **ОН-4** | + | + | | + |
| **ОН-5** | + | + | | + |
| **ОН-6** | + | | + | + |
| **ОН-** | + | | + | + |
| **ОН-8** | + | | + | + |
| **ОН-9** | + | | | + |
| **ОН-10** | + | + | + | + |
| **ОН-11** | + | | | + |
| **ОН-12** | + | + | + | + |

**Окутуунун натыйжалары менен компетенциялардын дал келүүчүлүк таблицасы**

Универсалдык – Жалпы илимий (ЖИК)

| Окутуунун натыйжалары | Калыптандырылуучу компетенциялар | ЖКББ стандартына |
|---|---|---|

| | | |
|---|---|---|
| | | туура келет |
| ОН-1 | Курчап турган дүйнө жөнүндө илимий билимдерди сын көз менен баалай жана колдоно алат, жашоонун, маданияттын баалуулуктарына багыт алат жана активдүү жарандык позицияны ээлей алат, адамдарга сый-урмат жана толеранттуулукту көрсөтө алат. | ЖИК-1 |

**Инструменталдык менен (ИК)**

| | | |
|---|---|---|
| ОН-2 | Иште жана окууда татаал маселелерди чечүү үчүн маалыматтык технологияларды колдонуу менен жаңы билимдерди алууга жана колдонууга жөндөмдүү; | ИК-2 |

**Социалдык – инсандык жана жалпы маданий (СИЖМК);**

| | | |
|---|---|---|
| ОН-3<br>ОН-9 | Жеке адамдардын же топтордун кесиптик ишмердигинде максаттарга жетишүүнү камсыз кыла алат | СИЖМК-1 |

**Кесиптик компетенция (КК)**

| | | |
|---|---|---|
| ОН-4 | ОН-4 Кесиптик маселелерди чечүү үчүн психологиялык-педагогикалык компетенцияларды колдонууга даяр жана педагогикалык изилдөөлөрдүн натыйжаларын кесиптик ишмердүүлүктө колдоно алат. | КК-1 |
| ОН-5 | Методикалык маселелерди (моделдер, методдор, технологиялар жана окутуу ыкмалары) чечүүнү билет жана окутуунун сапатын баалоо технологияларын колдоно | КК-2 |

| | | |
|---|---|---|
| | алат. | |
| ОН-6 | Демократиялык коомдогу жашоодо зарыл болгон нарктуу баалуулуктарды: атуулдук жана патриоттук ишенимдерди, нравалык жүрүм-турумдун нормаларын, эстетикалык баалуулуктарды, социалдык укуктарды, инклюзияны кабыл алууну өздөштүрөт. | КК-11<br>КК-13 |
| ОН-7 | Программанын темаларынын жана бөлүмдөрүнүн өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен жана окуу планына ылайык предметтер боюнча окуу сабактарын пландаштыра алат | КК-6 |
| ОН-8 | Билим берүү процессинде окуп жаткандардын ден соолугун коргоо жана өмүрүнүн коопсуздугун сактоо боюнча шарттарды түзө алат. | КК-3 |
| ОН-9 | Кесиптик ишмердүүлүктүн маселелерин чечүү үчүн коомдук жана билим берүүчү мекемелер, балдар коллективи жана ата-энелер менен өз ара аракеттенүүнү уюштура алат. | КК-1 |
| ОН-10 | Мектепке чейинки курактагы баланын когнитивдик, социалдык-эмоционалдык, физикалык, эстетикалык өнүгүүсү жөнүндө теориялык билимге ээ болот. | КК-11 |
| ОН-11 | Интеллектуалдык жана психикалык өнүгүүсүнүн кемчиликтери бар, сүйлөө, угуу жана көрүүнүн бузулушу, кыймыл-аракет аппаратынын жана жүрүм-турум өзгөчөлүктөрүнүн бузулушу бар балдардын өнүгүүсүндөгү ар кандай четтөөлөрдүн структуралары жөнүндө билимге ээ болот. | КК-13 |

| | | |
|---|---|---|
| | | |
| ОН-12 | Кесиптик жактан өзүн-өзү өнүктүрүүгө, келечекте билим берүү траекториясын ишке ашырууга жана кесиптик карьералык өсүп - өнүгүүгө жөндөмдүү. | КК-1 |

**4. 550700 Педагогика багытынын “Мектепке чейинки билим берүү” профилинин НББПсын ишке ашыруунун мазмуну жана окуу процессин уюштуруунун регламентөөчү документтери**

4.1. Календардык окуу графиги (Тиркеме 2)

4.2. Бакалаврды даярдоонун окуу жана жумушчу планы (Тиркеме 3)

Окуу планына кирген өзгөртүүлөр

- КР ББИМ №1578\1 21.09.2021 буйругунун негизинде Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2021-ж. 12-сентябрдагы №158\1 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик жогорку кесиптик билим берүү стандартына ылайык окуу пландарына өзгөртүүлөр киргизилген (Окумуштуулар кеңешинин №11 протоколу 30.06.2022.).

**4.3. 550700 “Педагогика” багытынын мектепке чейинки билим берүү профилинин адистерин даярдоодогу окутулуучу дисциплиналардын аннотациялары**

**Окуу планындагы базалык дисциплиналардын программасына аннотация**

**Кыргыз тили жана адабияты:** Кыргыз тили жана адабияты дисциплинасы фонетика, лексикология, морфология жана синтаксис бөлумдөрү, ошондой эле адабият предмети боюнча системалуу маалымат берүүгө, кыргыз тили жана адабияттын лексикалык, граматикалык, стилдик каражаттарын туура урунууга, ишмердиктин баардык түрлөрүн андан ары активдүү өнүктүрүүгө багытталган. Алар: окуу, сүйлөө, угуу жана жазуу жолдору менен ишке ашат.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-2; СИЖМК-1; КК-1; КК-3;КК-6;КК-9; КК-11.*

**Орус тили:** Курс «Русский язык» представляет собой дисциплину, которая читается на первом курсе педагогического факультета в период первого семестра. Курс включает тексты и после текстовые упражнения, направленные на закрепление лексического минимума, а также задание на понимание содержание текста; грамматический текст, задание на грамматические темы. Кроме того программа содержит список филологических терминов.

*Формирумые компетентности:ОК-1; СЛК-1; ИК-2; ПК-1; ПК-3;ПК-6;ПК-7.*

**Англис тили:** Программа отражает современные тенденции и требования к обучению и практическому овладению иностранным языком в повседневном общении и направлена на повышение общей и коммуникативной культуры специалистов средного звена. Основной целью дисциплины «Иностранный язык» является обучение основам практического владения иностранным языком, а именно: формирование умений и навыков устной и письменной речи на разговорно-бытовые, страноведческие и проессиональные темы; освоение профессиональной лексики и оиладение фразеологическими оборотами и терминами.

*Формирумые компетентности: ОК-1; СЛК-1; ИК-2; ПК-1; ПК-3;ПК-6;ПК-7.*

**Ата Мекен тарыхы:** Кыргызстандын аймагында байыркы доордон баштап бүгүнкү күнгө чейинки болуп өткөн окуялардын хронологиялык ирээтте өнүгүүсү жөнүндөгү билимдерге ээ кылуу менен, тарыхый окуяларды тарыхый закон чееөнемдүүлүктүн айлампасында, тарых илиминин принциптерин, анын коомдогу ордун, илимдеги айрым проблемаларды билүүгө шарт түзөт.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-2; СИЖМК-1; КК-1; КК-3;КК-6;КК-9; КК-11.*

**Философия:** Студенттер дисципланын өздөштүрүүдө философиялык билимдин негиздерине жана жалпы адамдык маданиятка жетишүү

мамилесиндеги философиялык рефлекциянын усулдарына ошондой эле социалдык түзүмгө, процесстерге, институттарга философиялык анализ жасоону үйрөнүүсүнө; илимий-изилдөө, педагогикалык, өндүрүштүк-прикладдык жана уюштуруу-башкаруу ишмердүүлүгүндөгү конкретүү проблемаларды чечүүдө диалектиканын жалпылыгын, өзгөчөлүгүн, жекелигин түшүнүү ыгынын жана жалпы ой-жүгүртүүсүнүн калыптануусуна; азыркы цивилизациянын, социалдык гуманитардык билим жөнүндөгү системалуу көз караштын жана аны окутуунун, ошондой эле жалпы гуманистик дүйнөгө болгон көз карашынын калыптануусуна жетишет. Дисциплинаны өздөштүрүүнүн милдеттери: - Дүйнө жана андагы адамдын орду философиянын маңызын, б.а. философиялык түшүнүктөр, категориялар, багыттар, методдор, законлору менен тааныштыруу.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-2; СИЖМК-1; КК-1; КК-3;КК-6;КК-9; КК-11.*

**Манас таануу:** Манас таануу фольклористика илиминин бир бөлүмү экендигин, элдик оозеки чыгармачылыктын мыйзам ченемдерин жана манас таануу илиминин өнүгүү тенденцияларын, “Манас” үчилтигин үч багыт боюнча: эпосту жыйноо, анын басылмалардан чыгаруу, манас таануучу окумуштуулардын илимий-теориялык эмгектерин талдоо, алардын “Манас” эпосу боюнча концепцияларын комплекстүү түрдө, жалпылап үйрөтүү. Мындан "Манас" эпосу жомок эмес элибиздин реалдуу тарыхын көркөм образдар аркылуу чагылдырган, түпкүлүгүндө өзүнүн социалдык-маданий тамыры бар улуу эпос жана кыргыз турмушунун энциклопедиясы экени тууралуу билим алышат. Дисциплинанын мазмуну: Манас таануу фольклористика илиминин бир бөлүмү. Манас 30 таануу тилиминин өнүгүү тарыхы жана мыйзам ченемдери. “Манас” – улуттук жана дүйнөлүк маданияттын контекстинде. Манас таануучулар жана жыйноочулар. “Манас” эпосунун варианттары. Манасчылык өнөр жана метафизика. Эпостун жаралуу доорлору, көчмөндөр цивилизациясы. “Манас эпосунун поэтикалык структурасы. “Манас” эпосу – кыргыз улуттук искусствонун өнүгушүндө

маанилүү булак. Дисциплинанын милдеттери: “Манас” эпосунун жаралышындагы тарыхый доорлорду, трилогиянын жалпы структурасын, этнографиялык, философиялык т.а. культурологиялык, этнопедагогикалык маанисин, манасчылык өнөрдүн табиятын, манасчылардын мектептерин, каармандардын образдарын, анын поэтикасын, “Манас” дүйнөлүк классиканын бийиктигинде турган улуу трагедиялык дастан экендигин билдирүү жана студенттердин рухий маданиятын, дүйнөгө гуманисттик көз карашын, турмуштук активдүү позициясын калыптандыруу, эли-жерин сүйгөн, улутунун салтсанаасын, адеп-ахлак кенчтерин боюна сиңирген ыймандуу, мекенчил инсандарды калыптандыруу.
*Калыптандыруучу компетенциялар: : ЖК-1; ИК-2; СИЖМК-1; КК-1; КК-3;КК-6;КК-9; КК-11.*

**Кыргызстандын географиясы:** дисциплинасында республиканын табияты, кен байлыктары, геоэкологиялык абалы, рекреациялык ресурстары, коргоого алынган аймактары, калкы, экономикасы, облустары, райондору, шаар-кыштактары, жергиликтүү географиялык түшүнүктөр кеңири баяндалат. Дисциплианын максаты географиялык ой жүгүртүүнү өнүктүрүү жана студенттердин жаратылыш, калк жана чарбанын ортосундагы тыгыз өз ара байланышты жана өз ара көз карандылыкты андан ары түшүнүүгө, ошондой эле жеке сапаттарын: мекенчилдикти жана мекен алдындагы милдет сезимин калыптандырууга өбөлгө түзгөн, анын көп түрдүүлүгүндө өз өлкөсү жөнүндө бирдиктүү түшүнүктү калыптандыруу.
*Калыптандыруучу компетенциялар: : ЖК-1; ИК-2; СИЖМК-1; КК-1; КК-3;КК-6;КК-9; КК-11.*

**Укук таануу:** Формирование у студентов знаний о праве и законах его функционирования, представлений о социальных механизмах и резервах его развития, подходов к их познанию о позиции правовой науки, отработке навыков применение этих знаний к анализу реальных процессов и ситуаций в процессе профессиональной деятельности.
*Формирумые компетентности: ОК-1; СЛК-1; ИК-2; ПК-1; ПК-3;ПК-6;ПК-7.*

**Математика:** Кесибине байланышкан мисалдарды жана маселелерди чечүүдө оптималдуу жолдорун издөөгө, эң жакшы жолдорун тандоону үйрөтүү. Процесстерди жана кубулуштарды моделдештирип, анализдөө үчүн зарыл болгон негизги математикалык билимдерге, көндүмдөргө ээ кылуу.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-2; СИЖМК-1; КК-1; КК-3;КК-6;КК-9; КК-11.*

**Информатика:** Мектеп базасында алган билимдерин тереңдетип, системага салуу жана жалпы теориялык маалыматтарга ээ кылуу менен алган билимдерин практикада колдоно билүүсүнө шарт түзүү. Кесибине байланышкан тапшырмаларды аткаруу, маалыматтарды интернеттен алуу көндүмдөрүнө ээ болуусу.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-2; СИЖМК-1; КК-1; КК-3;КК-6;КК-9; КК-11..*

**Азыркы табият-таануунун концепциясы:** Дүйнөнү табиягый-илимий тааным билүүсү, табигый илимдердин өнүгүү тарыхы, материянын уюштурулуусунун структуралык деңгээлдери, мейкиндик жана убакыт, өз ара аракеттеннүүлөр, табияттагы динамикалык жана статистикалык мыйзам ченемдүүлүктөр, дүйнөнүн табиягый илимий сүрөттөлүшү, биосфера жана экология концепциясы, адамдын орду боюнча заманбап маалыматтаргы ээ болот.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-2; СИЖМК-1; КК-1; КК-3;КК-6;КК-9; КК-11.*

**Экология:** дисциплинаны окутууда биосферанын түзүлүшүн жана анын функцияларынын өзгөчөлүктөрүн, экосистема түшүнүгүн жана анын түзүлүшү, организм жана чөйрөнүн байланышын, экология жана адамдын ден – соолугу, жашоо чөйрөнүн экологиялык факторлорун, бүгүнкү күндөгү экологиялык кризистерин терең окуп үйрөнүү негизги маселе болуп саналат. Студенттерди экология предмети анын негизги максаттары жана маселелери менен тааныштыруу. Аларга адамдын ден соолугу айлана чөйрөнүн

экологиялык абалынан көз каранды экендиги, популяциялардын санын жөнгө салынышын изилдөө, жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдалануунун экологиялык принциптери боюнча маалымат берүү жана аларда практикалык ишмердикте колдонуунун айрым ыкмаларын калыптандыруу.
*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-2; СИЖМК-1; КК-1; КК-3;КК-6;КК-9; КК-11.*

**Маалыматтарды иштеп чыгуунун математикалык негиздери:** Бул дисциплина маалыматтарды иштеп чыгуу процессинде колдонулуучу негизги математикалык түшүнүктөрдү жана ыкмаларды үйрөтүүгө багытталган. Курстун негизги максаты – студенттерди алгоритмдердин, сандардын теориясынын, логиканын жана дискреттик математиканын негиздери менен тааныштыруу аркылуу маалыматтык системаларда математикалык моделдөө жөндөмүн калыптандыруу. Курстун алкагында төмөнкү темалар каралат: дискреттик структуралар: топтомдор, мамилелер, графтар жана дарактар; логикалык операциялар жана логикалык формулаларды жөндөө; алгоритмдерди талдоо жана эффективдүүлүгүн баалоо;комбинаторика жана сандык анализ;ыктымалдуулук теориясынын негиздери; маалыматтарды шифрлөө жана коддоо ыкмаларынын негиздери.
*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-2; СИЖМК-1; КК-1; КК-3;КК-6;КК-9; КК-11.*

**Мектепке чейинки балдардын математикалык өнүгүүсүнүн методикасы:** Бул дисциплина мектепке чейинки курактагы балдардын математикалык түшүнүктөрүн калыптандыруунун теориялык жана практикалык негиздери менен тааныштырат. Курстун негизги максаты – балдардын логикалык ой жүгүртүүсүн, эсептик жөндөмдөрүн жана математикалык түшүнүктөрүн калыптандыруудагы эффективдүү методдорду өздөштүрүү.Анда мектепке чейинки балдардын курагына жараша математикалык өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү; сан түшүнүгүн калыптандыруу, саноо жана элементардык арифметикалык операцияларды үйрөтүү методдору; геометриялык түшүнүктөрдү (форма, көлөм, мейкиндик)

өнүктүрүү; логикалык операцияларды өнүктүрүү (салыштыруу, классификациялоо, жалпылоо); дидактикалык оюндардын жана математикалык көнүгүүлөрдүн уюштурулушу; математикалык билим берүүнүн инновациялык ыкмалары жана технологиялары; балдардын индивидуалдык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен сабактарды пландаштыруу. Студенттер мектепке чейинки балдардын математикалык өнүгүүсүнүн теориялык негиздерин билишет, математикалык түшүнуктөрдү калыптандыруу боюнча окутуу процессин уюштуруу жөндөмүнө ээ болушат, дидактикалык материалдарды түзүп, колдонуу методдорун өздөштүрүшөт,балдардын математикалык өнүгүүсүн баалоо жана коррекциялоо ыкмаларын пайдалана алышат.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-2; СИЖМК-1; КК-1; КК-2;КК-3;КК-4;КК-5;КК-6;КК-7; КК-9; КК-11.*

**Педагогика:** Дүйнөлүк тарыхый педагогикалык процесстин өнүгүү тенденцияларын, педагогикалык илимий изилдөөлөрдү, учурдагы билим берүүнүн өзгөчөлүктөрүн билүүгө багыт берүү, профессионалдык педагогикалык ишмердүүлүктүн алгачкы көндүмдөрүн жана билгичтиктерин калыптандыруу. Дисциплинанын максаты: педагогика илими жана педагогикалык илимий изилдөөлөрдү үйрөнүүгө багыт берүү; окутуу жана тарбиялоо процесстерин өздөштүрүү; педагогикалык ишмердүүлүктүн кесиптик өзгөчөлүктөрүн билүүгө үйрөтүү; профессионалдык педагогикалык ишмердүүлүктүн көндүмдөрүн жана билгичтиктерин калыптандыруу. Дисциплинанын милдеттери педагогиканы илим катары жана педагогиканын илимий изилдөө методдору жөнүндө жалпы түшүнүктөрдү калыптандыруу; тарбиялоонун жана окутуунун теориясын үйрөтүү жана аны практикада колдонуу жолдорун түшүндүрүү, алдыңкы педагогикалык тажрыйбаны окуп үйрөнүүгө жана колдонууга багыттоо.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-2; СИЖМК-1; КК-1; КК-3;КК-6;КК-8;КК-9; КК-11.*

**Психология:** Дисциплинанын максаты: - адамдын инсандык касиеттерин көп кырдуулугу, татаалдыгы, өнүгүп-өзгөрүп туруучу психикалык кубулуштары менен таанышуу; таанып билүү процесстери жана психологиялык аспектилери боюнча маалымат берүү; психология предмети окутуунун негизги максаты жогорку билимдүү адистерди даярдоодо адамдын психологиялык өзгөчөлүктөрүн, таануу процесстерин өздөштүрүү, карым-катнаш түзүүнү үйрөтүү, инсан жана анын өнүгүү менен жалпы психологиялык аспектилер, закон ченемдүүлүктөр менен таанышуу; жаш адистерди психологиялык билим менен камсыз кылып, профессиоалдык деңгээлде даярдоо болуп эсептелет. Дисциплинанын милдеттери - психика жана аң-сезимдин өзгөчөлүгүн өрчүп-өнүгүүсүн адамдын жашоосундагы ролун, таанып билүү процесстеринин калыптанышын үйрөтүү; инсандын коомдогу ордун, мамилелешүү өзгөчөлүгүн, карым-катнаш жасоо жолдорун көрсөтүү; психикалык өнүгүүнүн булактарын теориялык жана практикалык негизде анализдөө жана колдонуу, алынган натыйжаларды мектеп практикасында жалпы элге билим берүү системасында колдонуу; атайын муктаждыгы бар балдардын өсүү өзгөчөлүгү жана аларды окутуу, тарбиялоо принциптери жөнүндө түшүнүк берүү. Предметти окутуунун негизги милдети студент алган теориялык жана практикалык билимин келечекте илимий негизде пайдалануу болуп эсептелет.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-2; СИЖМК-1; КК-1; КК-3;КК-6;КК-9; КК-11.*

**Курактык анатомия, физиология жана гигиена:** Курактык анатомия, физиология жана гигиена дисциплинасы келечектеги окутуучулук кесипти алып жаткан студенттерге, балдардын организминдеги органдардын түзүлүшү жана аткарган функциясын билүү менен, өсүп-өнүгүп жаткан жаш муундардын организминин функционалдык өзгөрүүсүндө ар кандай оорулардан алдын ала чара колдонууну окутуп үйрөнүү менен, келечекте жогорку кесипкй адистерди даярдоо. Дисциплинанын милдети: Организмдиндеги органдардын түзүлүшүн, анатомиялык өзгөчөлүктөрүн,

постэмрионалдык өсүп-өнүгүүсүндөгү закон ченемдүүлүктөрүн билип, өспүрүмдөрдүн акыл- ой сезиминин өнүгүүсүндө , дене боюнун өзгөрүүсүн айырмалап , алдын ала чара колдоно алат.

*Калыптандыруучу компетенциялар: Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-2; СИЖМК-1; КК-1; КК-3;КК-6;КК-9; КК-11.*

**Жашоо аракетинин коопсуздугу:** болочок адистерде эффективдүү профессионалдык иш аракетинин коопсуздук талаптары жана аларды коргоо айрылгыс бирдиктүү экендиги жөнүндөгү түшүнүктү калыптандыруу аркылуу жетишүүгө болот. Бул талаптарды аткаруу адамдын ден соолугун жана ишке жөндөмдүүлүгүн сактоого, аларды экстремалдык учурдагы аракеттерине даярдоого кепилдик берет студенттерди керектүү теориялык билим жана практикалык машыгуулар менен куралдандыруу.Жашоо-тиричилик коопсуздугунун теориялык негиздери; жашоо-тиричилик коопсуздугунун экологиялык аспектилери; өзгөчө кырдаалдардын классификациясы; күндөлүк турмушта пайда болгон коркунучтар жана алардан сактануу; транспорт жана анын коркунучу; өзгөчө кырдаалдардан калкты коргоо жана анын табигый жана техногендик мүнөзү; окутуучунун табигый кырсыктарда, катастрофаларда жана кыйроолордогу кыймыл-аракети; заманбап кыйроотуучу каражаттар; жекече коргонуунун каражаттары; калктын согуш жана тынчтык убактарда коргонуусун уюштуруу; химиялык жана радиациялык каражаттар, дозиметриялык көзөмөл; билим берүү мекемелеринде граждандык коргонууну уюштуруу.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-2; СИЖМК-1; КК-1; КК-3;КК-6;КК-9; КК-11.*

**Инклюзивдик билим берүү:** Бул дисциплина мектепке чейинки билим берүү чөйрөсүндө инклюзивдик билим берүүнүн теориялык жана практикалык негиздерин үйрөтүүгө багытталган. Дисциплинанын максаты – студенттерди ар түрдүү өнүгүү өзгөчөлүктөрүнө ээ болгон балдар менен иш алып баруу үчүн керектүү билим, жөндөм жана мамилелер менен камсыз кылуу. Дисциплинанын негизги мазмуну төмөндөгү багыттарды камтыйт:

инклюзивдик билим берүүнүн маңызы, принциптери жана укуктук негиздери; ден-соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын мүнөздөмөсү, мектепке чейинки билим берүү уюмдарында инклюзивдик чөйрөнү түзүү шарттары, ДСМЧ балдарга билим берүу процессин уюштуруу, тарбиячылар, ата-энелер жана адистер (дефектолог, логопед, психолог ж.б.) менен кызматташтыкта иш алып баруу, жекече окуу пландарын иштеп чыгуу жана колдонуу, дифференцияланган жана адаптацияланган окуу-тарбия ыкмаларын колдонуу. Дисциплинаны өздөштүрүү натыйжасында студенттер**:** инклюзивдик билим берүүнүн негизги түшүнүктөрүн өздөштүрүшөт; мектепке чейинки балдардын индивидуалдык муктаждыктарын эске алуу менен иш алып барууну үйрөнүшөт; инклюзивдик билим берүү чөйрөсүндө адистер менен кызматташтыкты түзө алышат; кыйынчылыктарды жеңүү үчүн туура педагогикалык чечимдерди кабыл алууну өздөштүрүшөт.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-2; СИЖМК-1; КК-1; КК-3;КК-6;КК-8;КК-11;КК-13;КК-14;КК-16;КК-17.*

**Мектепке чейинки билим берүүнү окутуунун методикасы:** “Мектепке чейинки билим берүүдө окутуунун методикасы” дисциплинасы балдар менен иш алып барууга даяр, жогорку квалификациялуу адистерди даярдоого багытталган. Мектепке чейинки мекемелердин талаптарына ылайык окутуунун стандарттарына жана программаларга ылайык окутуу мазмунун өздөштүрүү, окутууну уюштуруунун формаларын билүү жана окутууда инновациялык, интерактивдүү методдорду колдонуу. Балдардын жаш курак өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен балдардын программалык материалдарды өздөштүрүү көндүмдөрүн калыптандыруу жана баалоо.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-2; СИЖМК-1; КК-1; КК-2;КК-3;КК-4;КК-5;КК-6;КК-7; КК-9; КК-11.*

**Билим берүүнүн жаңы технологиялары:** Бул дисциплина билим берүү процессинде заманбап технологияларды колдонуу боюнча теориялык жана практикалык билимдерди берүү максатында түзүлгөн. Курстун негизги

максаты – студенттерди жаңы билим берүү технологияларынын түрлөрү менен тааныштыруу жана аларды окуу процессинде натыйжалуу пайдаланууга үйрөтүү. Дисциплинанын мазмуну төмөндөгү темаларды камтыйт: билим берүүдөгү жаңы технологиялардын түшүнүгү жана алардын классификациясы; интерактивдүү окутуу ыкмалары жана маалыматтык-коммуникациялык технологиялар (МКТ); дистанттык (аралыктан) билим берүү жана анын өзгөчөлүктөрү; мобилдик жана санариптик билим берүү чөйрөлөрү; иновативдик окутуу методдорун колдонуу (проекттик окутуу, флип-класс, веб-квесттер ж.б.); окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен технологияларды тандоо жана колдонуу; билим берүү процессинде мультимедиялык жана интерактивдүү ресурстарды колдонуу; окуу процессинде жаңы технологияларды иштеп чыгуу жана баалоо критерийлери. Студенттер ээ болуучу компетенттүүлүктөр: билим берүүдөгү жаңы технологиялар боюнча теориялык түшүнүктөргө ээ болушат; ар кандай билим берүү технологияларын окуу процессине интеграциялоо жөндөмүнө жетишишет; окуу материалдарын санариптик форматта түзө жана колдоно алышат; иновациялык окутуу ыкмаларын колдонуп, балдардын активдүүлүгүн жана өз алдынчалуулугун өнүктүрө алышат.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-2; СИЖМК-1; КК-1; КК-3;КК-6;КК-8;КК-9; КК-11.*

**Мектепке чейинки педагогика:** Бул дисциплина мектепке чейинки билим берүүнүн теориялык негиздерин, мазмунун жана тарбиялык процесстерин үйрөтүүгө багытталган. Негизги максаты – келечектеги педагогдорду мектепке чейинки курактагы балдардын өнүгүүсүн жана тарбиясын уюштурууда кесиптик билим, жөндөм жана көндүмдөр менен камсыз кылуу.Дисциплинанын мазмунунда мектепке чейинки педагогиканын предмети, максаты жана милдеттери; педагогикалык процесстин түзүмү жана мыйзамченемдүүлүктөрү; баланын өнүгүүсүнүн жаш өзгөчөлүктөрү жана аларга ылайык тарбия берүү; оюн – баланын негизги ишмердүүлүгү катары; мектепке чейинки уюмдарда тарбиялоонун мазмуну жана принциптери;

педагогикалык баарлашуу, балдар менен өз ара аракеттенүү маданияты; мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде тарбиячынын ролу жана милдеттери; балдарды ар тараптуу өнүктүрүүгө багытталган педагогикалык ыкмалар жана формалар камтылган.Студенттер дисциплинаны өздөштүрүүдө мектепке чейинки билим берүүнүн негизги түшүнүктөрүн, педагогикалык процессти уюштуруу жана аны натыйжалуу жүргүзүү ыкмаларын үйрөнүшөт, ар түрдүү тарбиялык иштерди пландаштырып жүргүзө алышат жана кесиптик ишмердүүлүккө даяр болушат.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-2; СИЖМК-1; КК-1; КК-3;КК-6;КК-8;КК-9; КК-11.*

**Балдар риторикасы, “Курчап турган дүйнө” интегративдик курсун окутуунун методикасы:** Курс балдардын тилдик жөндөмдөрүн өрчүтүүгө жана коммуникациялык көндүмдөрүн жакшыртууга багытталган. Ал “Курчап турган дүйнө” интегративдик курсунун алкагында өткөрүлүп, балдардын айлана чөйрөнү таануу жөндөмүн калыптандыруу менен бирге риторикалык көндүмдөрүн өнүктүрөт. Студенттер практикалык тапшырмалар, оюн технологиялары жана интерактивдүү окутуу ыкмаларын колдонуу менен мектепке чейинки балдардын дүйнө таанымын өнүктүрүү аркылуу сөз байлыгын байыта алат.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-2; СИЖМК-1; КК-1; КК-2;КК-3;КК-4;КК-5;КК-6;КК-7; КК-9; КК-11.*

**Сабаттуулукка окутуу:**дисциплинасы мектепке чейинки билим берүү адистигине арналган негизги курстардын бири болуп саналат. Бул дисциплина балдарды окууга жана жазууга үйрөтүүнүн негиздерин үйрөтүүгө багытталган. Сабактын негизги максаты- мектепке чейинки курактагы балдарда тилди өнуктүрүү, окуу-жазуу көндүмдөрүнүн алгачкы негиздерин калыптандыруу, алардын лексикалык, граматикалык жана орфографиялык жактан сабаттуулугун арттыруу.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-2; СИЖМК-1; КК-1; КК-2;КК-3;КК-4;КК-5;КК-6;КК-7; КК-9; КК-11.*

**Мектепке чейинки билим берүүдө элдик оюндардын маданияты:** Кыргыздар эл болуп жаралгандан өздөрүнө мүнөздүү ар кыл доорлорго, мезгилдерге ошол кездин социалдык шартына жараша оюндарды жаратышкан. Эл канчалык көчмөн өмүр сүрүп, көчмөн жашоо өткөрсө да калктын башынан өткөргөн өмүрдүн элесин унутулгус кылып, көчүп –конуп жүрүүгө шай жаралган жоокер элдин кулк мүнөзүнө, улуттук өзгөчөлүгүнө жараша сандаган кыймылдуу оюндарды ойлоп тапкан жана ал оюндар биздин кундөргө жетип, кай бирлери социалдык мазмунга жараша өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Элдик оюндарда элдик педагогиканын мыкты үлгүлөрү, элдик терең философиялык көз караштар камтылган. Дисциплинаны окуп үйрөнүүнүн натыйжасында студенттер элдик оюндарды балдардын жаш курагына ылайыктап колдонуу ыкмаларына ээ болушат.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-2; СИЖМК-1; КК-1; КК-2;КК-3;КК-4;КК-5;КК-6;КК-7; КК-9; КК-11.*

**Педагогикалык процессти уюштуруу, пландаштыруу жана эсепке алуу:** дисциплинасы мектепке чейинки билим бер тармагындагы студенттерге педагогикалык ишмердүүлүктүн негизги компоненттерин өздөштүрүүгө, балдарга сапаттуу билим берүү процессин туура уюштурууга жана натыйжалуу башкарууга көмөктөшөт. Бул курста билим берүү процессинин структурасы, максаттары, мазмуну, методдору жана формалары кеңири каралат. Ошондой эле, педагогикалык иш аракетти пландаштыруунун түрлөрү, календарлык жана күнүмдук пландоо, тарбиялык иштердин пландары менен иштөө, иштин жүрүшүн эсепке алуу жана талдоо ыкмалары үйрөтүлөт. Дисциплина студенттердин теориялык билимин практикалык көндүмдөр менен айкалыштырып, педагогикалык процессти натыйжалуу уюштурууга жана ар бир тарбиялык иштин максаттуулугун камсыз кылууга багытталган.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-2; СИЖМК-1; КК-1; КК-3;КК-6;КК-8;КК-9; КК-11.*

**Жөндөмдүү балдардын психологиясы. Конфликтердин психологиясы:** Жөндөмдүү балдардын психологиясы. Конфликтердин психологиясы дисциплинасы мектепке чейинки билим берүү чөйрөсүндөгү иштеген адистер үчүн өтө маанилүү болгон билимдерди жана практикалык көндүмдөрдү берет. Курста жөндөмдүү жана өзгөчө өнүгүүгө ээ балдардын психологиялык өзгөчөлүктөрү, алардын эрте курактагы интеллектуалдык жана эмоционалдык өнүгүүсү, чыгармачылык жөндөмдөрү жана аларды колдоо жолдору каралат. Ошондой эле балдардын арасындагы жана бала-чоң адам ортосундагы конфликтердин келип чыгуу себептери, алардын психологиялык табияты жана мектепке чейинки уюмдарда конфликтик кырдаалдарды алдын алуу жана конструктивдүү чечүү ыкмалары талданат. Дисциплина студенттердин кесиптик даярдыгын арттырып, балдардын өзгөчөлүгүн түшүнүүгө жана алар менен натыйжалуу иш алып барууга көмөктөшөт.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-2; СИЖМК-1; КК-1; КК-3;КК-6;КК-8;КК-9; КК-11.*

**Тарбиялануучунун үй-бүлөсү менен карым катнаштагы психологиялык өзгөчөлүктөр:**дисциплина тарбиялануучунун үй-бүлөлүк чөйрөдө түзүлгөн психологиялык өзгөчөлүктөрүн изилдөөгө багытталган. Ал студенттерге үй-бүлөлүк карым-катнаштын психологиялык негиздерин түшүнүүгө жардам берет, ошондой эле аларды тарбиялануучуларынын ата-энелери менен иш алып барууда натыйжалуу стратегияларды иштеп чыгууга даярдайт. Курстун практикалык бөлүгү студенттерге чыныгы жашоодогу мисалдарды колдонуу аркылуу алган билимдерди бекемдөөгө жана иш жүзүндө колдонууга мүмкүнчүлүк берет. Курстун алкагында төмөнкү маселелер каралат: үй-бүлөнүн балага болгон психологияялык таасири жана анын жеке инсан катары калыптанышындагы ролу, тарбиялануучунун ата-энеси менен болгон өз ара мамилесинин эмоционалдык жана жүрүм-турумдук өзгөчөлүктөрү, үй-бүлөлүк чыр-чатактардын балага тийгизген таасири жана аны чечүүнүн ыкмалары, үй-бүлөдөгү тарбиялоонун түрлөрү жана алардын

психологиялык мүнөздөмөлөрү, педагогикалык практикада үй-бүлөлөр менен иштөө ыкмалары жана формалары.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-2; СИЖМК-1; КК-1; КК-3;КК-6;КК-8;КК-9; КК-11.*

**Компетенцияларды калыптандыруу методдору:** дисциплинасы- заманбап билим берүү процессинин негизги принциптерин жана ыкмаларын өздөштүрүүгө багытталган окуу курсу. Бул дисциплина билим берүү чөйрөсүндө компетенциялык ыкманы колдонуу, студенттердин кесиптик жана жалпы билим берүүчү компетенцияларын өнүктүрүү боюнча теориялык жана практикалык билимдерди берет. Окутуунун негизги мазмуну компетенция түшүнүгүнө, анын классификациясына, окуу процессинде компетенцияларды калыптандыруунун алдыңкы методикаларына негизделет. Ошондой эле окуу процессин түзүүдө жана уюштурууда практикалык жана чыгармачылык көндүмдөрдү өздөштүрүүгө басым жасалат.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-2; СИЖМК-1; КК-1; КК-2;КК-3;КК-4;КК-5;КК-6;КК-7; КК-9; КК-11.*

**Балдарды мектепке даярдоо:** Балдарды мектепке даярдоо - бул жеке-өздүк максат эмес, ал мектепке чейинки баланын кызыгууларын жана керектөөлөрүн канааттандыруучу, анын бүтүндөй жашоосун оң эмоцияга жык толтуруу максатын көздөгөн чөйрөнүн уюшулган ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгы болуп саналат. Мектепке даяр болуу - бул курчап турган дүйнөнүн кубулуштарын, ага туура келүүчү предметтердин категорияларын жалпылаштыруу жана дифференциациялоо болуп саналат.

Мектепке даярдоо - бул башкалардын сөзүн угууга, көңүл коюуга, жамаат менен таанып билүү иштерине катышууга, классташтары менен достошо билүүгө үйрөтүү. Ошондой эле алардын байкагычтыгын, сезимталдуулугун, эске сактоосун, кабыл алуусун, кебин, ой жүгүртүүсүн (салыштыруу, ойлоо, жыйынтык чыгаруу ж.б.) өнүктүрүү болуп эсептелет.

Балдарды мектепке даярдоо “Наристе” программасы (480 саат) Кыргыз Республикасынын “Билим берүү – жалпыга” программасынын максаттарын

тездетип ишке ашыруу демилгелери” долбоорунун алкагында “Мектепке чейинки билим берүү жөнүндө” КР мыйзамына Кыргыз Республикасынын “Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды кароо” мамлекеттик стандартына ылайык иштелип чыкты.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-2; СИЖМК-1; КК-1; КК-2;КК-3;КК-4;КК-5;КК-6;КК-7; КК-9; КК-11.*

**Сөз өстүрүүнүн теориясы жана методикасы көркөм окуу менен:**Бул курста студенттер сөз өстүрүүнүн теориясы жана методикасы менен кошо көркөм окуунун практикумунун мазмуну жана анын ар түрдүү усулдары, аны колдонуунун ыкмалары менен таанышып, аны колдонууга үйрөнүшөт. Дисциплинанын максаттары, милдеттери, сөз өстүрүүгө болгон талаптар, анын теориясы жана методикасы, текстке тилдик талдоо жүргүзүү,текстти көркөм окуу мене ар түрдүү эмоционалдык абалдарды пайда кылуу жана аны талдоо менен балдардын текстин үстүндө иштөөсүнө шарт түзүү маселелери каралат. Студенттер текстин үстүндө иштөө процесстерин практикалык максатка ылайыкташтырып, тыным, басым,дикция, ритм сыяктуу процесстерди, б.а., сөз өстүрүүнүн, көркөм окуунун негизин түзгөн бардык шарттарды жана шарттардын өзгөрүүсүнүн себептерин изилдөөнү үйрөнүшөт.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-2; СИЖМК-1; КК-1; КК-2;КК-3;КК-4;КК-5;КК-6;КК-7; КК-9; КК-11.*

**Психологиялык-педагогикалык изилдөөлөрдүн методологиясы жана методикасы:**дисциплинасында студенттер мектепке чейинки курактагы балдардын өнүгүү процесстерин изилдөө үчүн колдонулуучу методологиялык негиздер жана ыкмалар менен таанышышат. Анда педагогдорго жана изилдөөчүлөргө балдардын психологиялык, эмоционалдык, социалдык жана когнитивдик өнүгүү өзгөчөлүктөрүн аныктоо жана анализдөө боюнча зарыл болгон билимдер берилет. Дисциплина изилдөө иштерин жүргүзүүдө илимий принциптерди сактоо, ишенимдүү маалыматтарды алуу жана аларды иштеп чыгуу ыкмаларын камтыйт. Мектепке чейинки билим берүүдө балдардын индивидуалдык жана топтук өзгөчөлүктөрүн изилдөө үчун байкоо, интервью

алуу, тестирлөө, эксперимент жана педагогикалык диагностика сыяктуу методдор кеңири каралат. Бул сабак балдардын өнүгүү процесстерин баалоо жана аларды окутууну өркүндөтүү үчүн колдонулуучу изилдөө методдорун практикалык колдонууга багытталган.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-2; СИЖМК-1; КК-1; КК-3;КК-6;КК-8;КК-9; КК-11.*

**Үй-бүлө педагогикасы:**дисциплинасы үй-бүлө тарбиясынын теориялык жана практикалык негиздерин изилдөөдө үй-бүлө институтунун калыптануу жана өнүгүү процесстерин, тарбиялоонун социалдык жана психологиялык аспектилерин, ата-энелер менен балдардын өз ара мамилелерине көңүл бурат.Дисциплинада үй-бүлөнүн тарбия берүүчү функциялары, анын коомдогу орду жана мааниси, баланын өнүгүүсүнөиүй-бүлөлүк чөйрөнүн таасири сыяктуу негизги маселелер каралат. Студенттер үй-бүлөдөгү тарбиялоо методдору, ата-энелердин педагогикалык билимин өркүндөтүү жана заманбап коомдогу үй-бүлөлөрдүн көйгөйлөрү менен иштөө жолдорун үйрөнүшөт. Студенттер үй-бүлөлүк чөйрөдө билим берүү жана тарбиялоо процессин натыйжалуу уюштуруу жана үй-бүлөлөр менен кызматташуу боюнча кесиптик көндүмдөргө ээ болушат.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-2; СИЖМК-1; КК-1; КК-3;КК-6;КК-8;КК-9; КК-11.*

**Медициналык билимдин негизи жана сергек жашоонун мүнөздөрү:**Бул курс студенттерге адамдын ден-соолугун сактоо, алдын алуу чаралары, гигиена жана сергек жашоо образын карманууу боюнча негизги медициналык түшүнүктөрдү жана көндүмдөрдү үйрөтүүгө багытталган. Студенттер мектепке чейинки жаштагы балдар менен иштөөдө балдардын ден-соолугуна кам көрүүнү үйрөнүшөт. Адамдын организминин түзүлүшү жана анын аткарган функциялары, жугуштуу оорулардын алдын алуу, тамактануу маданияты, тазалык эрежелери, психикалык жана физикалык ден-соолукту чыңдоо, сергек жашоо образы боюнча түшүнүктөр берилет. Курсту ийгиликтүү бүтүргөн студенттер ден-соолук тууралуу негизги медициналык

билимдерге ээ болушат, сергек жашоо образын кармануунун жолдорун өздөштүрүшөт, балдардын гигиенасы жана коопсуздугу боюнча көндүмдөргө ээ болушат, ден-соолукту сактоодо жана оорулардын алдын алууда жоопкерчилик менен мамиле жасоону үйрөнүшөт.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-2; СИЖМК-1; КК-1; КК-3;КК-6;КК-8;КК-9; КК-11.*

**Психологиялык-педагогикалык практикум:** В профессиональной подготовке студентов значимое место занимают психолого-педагогические практикумы, цель которых связана с практической подготовкой их к работе с ребенком в дошкольной образовательной организации с учетом современных требований образовательно-воспитательного процесса. Данные требования предполагают сформированность у студента следующего ряда профессиональных умений: аналитических умений, позволяющих проводить анализ выполняемых в педагогическом взаимодействии с ребенком требований, оценивать данные требования; умения применять психолого-педагогические знания в воспитательно-образовательной работе с ребенком; умения планировать, подготавливать и осуществлять процесс воспитательно-образовательной работы с ребенком; умения анализировать индивидуальные качества ребенка, под руководством специалиста осуществлять педагогическую диагностику, психологический анализ индивидуальности ребенка и организовывать психолого-педагогическую поддержку развития ребенка; прогностических способностей, позволяющих учитывать специфику индивидуальности ребенка в воспитательно-образовательном процессе; умения анализировать развивающую среду в дошкольном образовательном учреждении и создавать эстетически грамотно организованную и психологически комфортную развивающую среду в нем;умения использовать современные инновационные технологии в образовательно-воспитательном взаимодействии с ребенком и др.

*Формирумые компетентности: ОК-1; СЛК-1; ИК-2; ПК-1; ПК-3;ПК-6;ПК-7.*

**Мектепке чейинки билим берүүдө экономикалык билим берүү:** дисциплинасы мектепке чейинки курактагы балдарды экономикалык түшүнүктөр менен тааныштыруу, жөнөкөй финансы жана турмуштук көндүмдөрдү калыптандыруу багытындагы теориялык жана практикалык негиздерди камтыйт. Курстун негизги максаты- тарбиячыларды жана педагогдорду мектепке чейинки курактагы балдарга экономикалык түшүнүктөрдү жеткиликтүү үйрөтүүгө даярдоо. Дисциплина төмөнкү негизги багыттарды камтыйт: экономикалык билим берүүнүн мааниси жана максаты, мектепке чейинки курактагы балдардын жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша экономикалык билим берүү ыкмалары, балдарга оюн аркылуу экономикалык түшүнүктөрдү(акча, жумуш, керектөө, үнөмдөө ж.б.) түшүндүрүү, экономикалык сабаттуулукка багытталган дидактикалык оюндар жана иш чаралар.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-2; СИЖМК-1; КК-1; КК-2;КК-3;КК-4;КК-5;КК-6;КК-7; КК-9; КК-11.*

**Педагогикалык чеберчилик:** Педагогикалык чеберчилик мугалимдин кесиптик ишмердүүлүгүнүн жүрүшүндө окуу-тарбия ишинин бардык түрлөрүн оптимизациялоого, аларды окуучунун инсанын ар тараптуу өнүктүрүүгө жана өркүндөтүүгө, анын дүйнөкөрүмү менен жөндөмдүүлүктөрүн калыптандырууга багыттоого жол берет. Мугалимдин кесиптик ишмердүүлүгү окуучулар менен баарлашууга негизделгендиктен, келечектеги педагогдорго педагогикалык баарлашуу технологияларын өздөштүрүүгө, тарбиялануучулар менен карым-катнаштарды майнаптуу башкарууга, педагогикалык жактан максатка ылайыктуу өз ара мамилелер тутумун курууга, педагогикалык кепти кесиптик баарлашуунун негизги каражаты катары майнаптуу колдонууга, окуу-тарбия процессинин жүрүшүндө пайда болгон карама-каршылыктар менен чыр-чатактарды конструктивдүү чечүүгө, ынандыруу жана ишендирүү ыкмаларын окуучуга коммуникациялык таасир кылуунун ыктары катары билгичтик менен ишке ашырууга жол берүүчү материалдар да топтоштурулган.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-2; СИЖМК-1; КК-1; КК-3;КК-6;КК-8;КК-9; КК-11.*

**Балдарды кароонун кызматкерлери:** Дисциплина балдарды кароо жана тарбиялоо менен алектенген кызматкерлердин кесиптик даярдыгын жогорулатууга багытталган. Анын мазмунунда мектепке чейинки курактагы балдардын ден-соолугун, коопсуздугун жана күнүмдүк жашоосун камсыз кылуу боюнча негизги билимдер жана көндүмдөр камтылган. Дисциплинанын максаты – балдарды кароонун кызматкерлерин мектепке чейинки билим берүү уюмдарында иш алып барууга даярдоо. Дисциплинанын мазмунунда балдардын жаш курак өзгөчөлүктөрү; гигиеналык жана санитардык талаптар; баланын коопсуздугун камсыз кылуу; балдардын күнүмдүк тартибин уюштуруу (тамактануу, уктатуу, таза абага сергитүү үчун алып чыгуу); кийим кийиндирүү, тазалыкты сактоо жана гигиена чаралары; балдарды сүйүү, урматтоо жана аяр мамиле жасоо принциптери; тарбиячылар менен кызматташуу жана алардын иштерине көмөктөшүү каралган.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-2; СИЖМК-1; КК-1; КК-3;КК-6;КК-8;КК-9; КК-11.*

**Балдар психологиясы** дисциплинасы балдардын психикалык өнүгүүсүнүн мыйзамченемдүүлүктөрүн, алардын жаш курагына жараша өзгөрүүлөрүн жана жекече өзгөчөлүктөрүн изилдөөгө багытталат. Курстун негизги максаты –келечектеги педагогдорду балдардын психологиялык өнүгүүсүнүн этаптары; туруктуу психикалык процесстер ( эс, ой жүгүртүү, көңүл буруу, кабылдоо, элестетүү); баланын эмоционалдык дүйнөсү жана анын өнүгүшү; социалдык мамилелердин жана өзүн өзү таануунун калыптанышы; оюн жана ишмердүүлүктүн башка түрлөрү аркылуу өнүгүүсү; психодиагностика жана байкоо ыкмалары, педагог менен ата-эненин баланын психологиялык абалындагы ролу жөнүндөгү компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-2; СИЖМК-1; КК-1; КК-2;КК-3;КК-4;КК-5;КК-6;КК-7; КК-9; КК-11.*

**Экологиялык билим берүүнүн теориясы жана методикасы** дисциплинасы мектепке чейинки билим берүү уюмдарындагы балдардын экологиялык аң –сезимдерин калыптандыруу үчүн негизги темаларды жана методикалык ыкмаларды камтыйт. Анда мектепке чейинки мекемелердеги экологиялык билим берүүнүн педагогикалык процесстеги милдеттери; экологиялык тарбиянын мектепке чейинки курактагы балдарды өнүктүрүү концепциясы; мектепке чейинки мекемелердеги заманбап экологиялык программалар**;** мектепке чейинки мекемедеги экологиялык усулдардын түрлөрү; жаратылышты таанып билүүдө экскурсияны уюштуруу, балдардын экологиялык билимдерин педагогикалык процессте баалоо маселелери каралган.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-2; СИЖМК-1; КК-1; КК-2;КК-3;КК-4;КК-5;КК-6;КК-7; КК-9; КК-11.*

**Инсанга багыттап окутуу:** Инсанга багытталган окутуу же инсанды анын жеке өзүнүн өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен окутуу- бул азыркы билим берүүгө коюлуучу ар түрлүү төмөнкүдөй талаптарды чагылдырат: билим берүүнүн негизги баалуулугу деп инсандын оригиналдуулугу, өзүнчөлүгү жана кайталангыс уникалдуулугу боюнча жеке индивидуум катары калыптанып жаралышын кабыл алуу, таануу; дифференцирленген, ар түрлүү деңгээлдеги окутууну ишке ашырууга керектүү билим берүүнүн альтернативдүү формаларынын болушу; ар бир баланын анын жеке бөтөнчөлүктөрүнүн, турмуштук баалуулуктарынын, умтулууларынын негизинде өзүнүн өнүгүү жолун өзү тандап алууга укуктун берилиши. Инсандыкка багытталган окутуу сабагынын негизги идеясы өтүлүп-каралып жаткан тема боюнча окуучулардын субъектик (таанып билүүчүлүк) тажрыйбасынын мазмунун ачып аныктап аны үйрөнүлүүчү билим менен байланыштырып туура келиштирип, тиешелүү илимий мазмунга

өткөрүү жана ошонун негизинде материалдын өздөштүрүлүшүн камсыз кылуу болуп эсептелет.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-2; СИЖМК-1; КК-1; КК-2;КК-3;КК-4;КК-5;КК-6;КК-7; КК-9; КК-11.*

**Баланын жетишүүсүн(жетишкендиктерин) баалоо жана мониторинг жүргүзүү:** Баланын жетишүүсүн баалоо жана мониторинг жүргүзүү" дисциплинасы мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде балдардын өнүгүүсүн жана жетишкендиктерин баалоо боюнча билим жана көндүмдөрдү калыптандырууга багытталган. Дисциплина студенттерге мектепке чейинки курактагы балдардын физикалык, когнитивдик, социалдык жана эмоционалдык өнүгүүсүн системалуу түрдө байкоо, диагностикалоо жана жетишкендиктерин документтештирүү жолдорун үйрөтөт. Анда баланын өнүгүүсүн баалоонун негизги принциптерин, формаларын жана усулдарын, ошондой эле мониторинг жүргүзүүнүн этаптары камтылган. Студенттер жеке жана топтук баалоо куралдарын колдонуу, баланын жетишүүсүнө таасир этүүчү факторлорду аныктоо жана жыйынтыктарды билим берүү процессине ылайыкташтыруу боюнча практикалык көндүмдөрдү өнүктүрүшөт. Дисциплинанын негизги максаты — мектепке чейинки билим берүү адистерин балдардын өнүгүүсүнө сапаттуу баа берүү жана үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүү аркылуу ар бир баланын мүмкүнчүлүктөрүн толук ачууга шарт түзүүгө даярдоо.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-2; СИЖМК-1; КК-1; КК-2;КК-3;КК-4;КК-5;КК-6;КК-7; КК-9; КК-11.*

**Элементардык математикалык элестөөлөрүн калыптандыруу** дисциплинасы мектепке чейинки курактагы балдардын математикалык түшүнүктөрүн калыптандыруу- бул сандар, аларды салыштыруу жана амалдарды аткаруу, мейкиндиктеги катыштар, убакытты ченөө, нерсенин формасы, чоңдук жана ченөө, геометриялык фигуралар, алардын катыштары жана касиеттери жөнүндөгү элементардык түшүнүктөрдү калыптандыруу үчүн зарыл болгон ишмердүүлүктөрдү өздөштүрүү жана аткаруу процессин

камтыйт. Дисциплинанын негизги максаты- мектепте математиканы ийгиликтүү өздөштүрүүгө даярдоо жана балдарды ар тараптуу өнүктүрүү.
*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-2; СИЖМК-1; КК-1; КК-2;КК-3;КК-4;КК-5;КК-6;КК-7; КК-9; КК-11.*

**Эстетикалык билим берүү** дисциплинасы мектепке чейинки курактагы балдарга эстетикалык билим берүү маселесине арналган. Студенттер дисциплинаны өздөштүрүүдө эстетикалык тарбия берүүнүн методологиялык принциптери жана илимий негиздери; эстетикалык тарбиянын максаты, милдеттери жана принциптери; эстетикалык тарбиялоо жана окутуу методдору; эстетикалык тарбиялоонун каражаттары; эстетикалык тарбия берүү багытында окутууну уюштуруунун формалары, сабактарда окуучулардын билимин баалоо жөнүндөгү билим, билгичтик жана көндүмдөргө ээ болот.
*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-2; СИЖМК-1; КК-1; КК-2;КК-3;КК-4;КК-5;КК-6;КК-7; КК-9; КК-11.*

**Баланын физикалык жактан өсүүсүнүн теориясы жана методикасы** дисциплинасы балдардын жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша дене жактан өнүгүүсүнүн негиздерин, анын мыйзамченемдүүлүктөрүн жана калыптануу ыкмаларын үйрөтөт. Курстун негизги максаты- студенттердин баланын кыймыл-аракет жөндөмдөрүн, ден-соолук деңгээлин жана жалпы өнүгүүсүн калыптандыруу боюнча теориялык билим жана практикалык көндүмдөр менен камсыз кылуу. Дисциплинанын мазмунунда баланын дене түзүлүшүнүн жана кыймыр-аракет системасынын өзгөчөлүктөрү; балдардын жаш курагына жараша физиологиялык өнүгүү этаптары; дене тарбиясынын билим берүүдөгү жана тарбия берүүдөгу ролу; физикалык көнүгүүлөрдүн түрлөрү жана аларды колдонуу ыкмалары; спорттук жана кыймылдуу оюндардын методикасы; балдардын коопсуздугун камсыздоо жана көнүгүүлөрдү туура тандоо; педагогикалык байкоо, көзөмөл жана диагностикалык усулдар. Дисциплинаны өздөштүрүү менен студенттер балдардын физикалык активдүүлүгүн колдоо, дене тарбия сабактарын натыйжалуу уюштуруу жана ар бир баланын жекече

өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен иш алып баруу жөндөмдүүлүктөрүнө ээ болот. Курстун практикалык бөлүгүндө студенттер балдар менен көнүгүүлөрдү өткөрүүнү, оюндарды уюштурууну жана кыймыл аракет аркылуу баланын өсүшүн көзөмөлдөөнү үйрөнушөт.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-2; СИЖМК-1; КК-1; КК-2;КК-3;КК-4;КК-5;КК-6;КК-7; КК-9; КК-11.*

**Балдар көркөм адабияты** дисциплинасы балдар адабияттарынын жардамы менен мектепке чейинки курактагы балдардын дүйнө таанымын кеңейтип, балдардын чыгармачыл ой жүгүртүүлөрүн өстүрөт. Бул дисциплина келечектеги тарбиячыларды балдарга эстетикалык, руханий жана маданий баалуулуктарды жеткирүүдө педагогикалык куралдар менен камсыз кылат. Балдар көркөм адабияты дисциплинасынын максаты, милдеттери жөнүндө, балдар чыгармаларын жаш курак өзгөчөлүккө жараша тандоо, ата-энелер менен балдар адабиятын биргеликте окутуу ыкмалары каралган. Балдар адабиятынын алгачкы өнүгүп өсүш булагы бул – фольклор. Кара сөз менен айтылган терең мазмундуу, тарбиялык мааниси кучтуу не бир сонун жомоктордон тартып, бешик ырларына чейинки жанрдык ар түрдүүлүктөн жана тематикалык ар кылдыктан турган чыгармаларга кыргыз элинин маданий мурастары өтө бай. Өткөндүн маданий мурастары балдар адабиятынын жазма түрүндө калыптанып, өнүгө башташында чон ролду ойнойт. Ошол себептүү бөбөктөр үчүн жазылган алгачкы этаптардагы чыгармаларда фольклорго мүнөздүү формалар, сүрөттөө каражаттары басымдуулук кылат. Оозеки адабияттын арсеналындагы сюжеттер кенири пайдаланылган.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-2; СИЖМК-1; КК-1; КК-2;КК-3;КК-4;КК-5;КК-6;КК-7; КК-9; КК-11.*

## Жумушчу окуу планындагы тандоо курстарынын программаларынын аннотациялары

**Мектепке чейинки билим берүүдө оюн ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн методикасы** дисциплинасы мектепке чейинки курактагы балдардын

өнүгүүсүндө оюн ишмердүүлүгүнүн ролун терең үйрөтүүгө жана оюн аркылуу билим берүү усулдарын өздөштүрүүгө багытталган. Дисциплинанын негизги максаты- студенттерге балдардын интеллектуалдык, социалдык, эмоционалдык жана физикалык жактан өнүгүшүндө оюн ишмердүүлүгүнүн маанисин түшүндүрүү жана аны туура уюштуруу методикасын үйрөтүү. Дисциплинанын мазмунунда оюндун психологиялык-педагогикалык негиздери; мектепке чейинки курактагы балдардын оюн ишмердүүлүгүнүн өзгөчөлуктөрү; оюндун түрлөрү (ролдук, эреже менен, кыймылдуу, дидактикалык жана чыгармачыл оюндар); ар кандай оюн түрлөрүн пландаштыруу жана уюштуруу ыкмалары; педагогдун оюн процессиндеги ролу жана жетекчилик кылуу формалары; оюн аркылуу билим, тарбия жана өнүктүрүү максаттарына жетүү; балдардын кызыгуусун арттыруу жана өз алдынча оюн жөндөмдөрүн өнүктүрүү жолдору каралган. Студенттер оюн аркылуу балдардын креативдүүлүгүн, тил өнүгүүсүн, социалдык көндүмдөрүн жана ой жүгүртүү жөндөмдөрүн калыптандырууда методикалык жардамга ээ болуп, практикалык сабактарда оюндарды түзүү, өткөрүү жана анын натыйжалуулугун баалоону үйрөнүшөт.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-2; СИЖМК-1; КК-1; КК-2;КК-3;КК-4;КК-5;КК-6;КК-7; КК-9; КК-11.*

**Мектепке чейинки курактагы балдардын графикалык жазуу жөндөмдөрүн өнүктүрүү:** Бул дисциплина мектепке чейинки курактагы балдардын майда моторикасын, кол кыймылдарын, көз жана колдун координациясын өнүктүрүүгө багытталган. Графикалык жазуу көндүмдөрү – бул баланын кийинчерээк окууга жана жазууга үйрөнүүсүнүн негизин түзгөн маанилүү процесс. Курстун алкагында ар кандай оюн формасындагы көнүгүүлөр, сүрөт тартуу, сызыктарды жана геометриялык фигураларды чийүү, элементардык жазуу көндүмдөрү үйрөтүлөт. Мындан тышкары, балдардын чыгармачылык ой-жүгүртүүсү жана эстутуму өнүгүп, окуу процессине болгон кызыгуусу артат. Дисциплина баланын жеке өзгөчөлүктөрүн эске алып, индивидуалдуу мамилени колдойт.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-2; СИЖМК-1; КК-1; КК-2;КК-3;КК-4;КК-5;КК-6;КК-7; КК-9; КК-11.*

**Материалдарды көркөм иштетүү боюнча практикум жана көркөм өнөр искусствосу** дисциплинасында студенттерге ар түрдүү материалдарды көркөм иштетүү ыкмалары жана техникасы үйрөтүлөт. Дисциплинанын негизги максаты- студенттерди көркөм өнөрдүн негиздери, материалдарды иштетүү боюнча практика жүзүндөгү көндүмдөрдү жана чыгармачылык талантынын өнүгүүсүн камсыз кылуу. Дисциплинанын мазмунунда көркөм иштетүү материалдарынын турлөрү; материалдардын касиеттерин жана аларды иштетүү ыкмаларын үйрөнүү; көркөм иштетүүдө колдонулуучу негизги куралдар; көркөм өндүрүштүн негизги техникалары ( оюу, сүрөт тартуу, аппликация, токуу, калыптоо ж.б) көркөм искусствонун түрлөрү каралган. Студенттер практикалык сабактарда ар түрдүү көркөм чыгармаларды өз колдору менен жасоого үйрөнүшөт.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-2; СИЖМК-1; КК-1; КК-2;КК-3;КК-4;КК-5;КК-6;КК-7; КК-9; КК-11.*

**Педагогикалык психология:** Окуунун жана тарбиялоонун психологиялык мыйзам ченемдүүлүктөрүн изилдөө - педагогикалык психологиянын предмети болуп эсептелет. Педагогикалык психология окуу процессин жөнгө салуу суроолорун чечмелейт; таанып-билүү процесстеринин калыптанышын изилдейт; окуу процессиндеги акыл эмгегинин эффективдүү өнүгүүсү ишке ашуучу шарттарды жана акылдык өнүгүүнүн критерийлерин аныктайт, педагог менен окуучулар ортосундагы, ошондой эле окуучулар ортосундагы өз ара мамилешүүнүн суроолорун тактайт.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-2; СИЖМК-1; КК-1; КК-2;КК-3;КК-4;КК-5;КК-6;КК-7; КК-9; КК-11.*

**Этнопедагогика** дисциплинасында элдин тарыхый, маданий жана этникалык өзгөчөлүктөрүнөн улам пайда болгон билим берүү системалары жана тарбиялык ыкмалары изилденет. Дисциплинаны окутуунун максаты-

студенттерди этнопедагогиканын негизги принциптери, теориялары жана практикалык колдонулушу менен тааныштыруу. Анда негизги төмөндөгү багыттар каралган: этнопедагогиканын теориялык негиздери жана принциптери; этнопедагогиканын башка илимдер менен болгон байланышы; элдик тарбиянын билим берүү практикалары жана ыкмалары; улуттук тарбия берүү системасы жана алардын мүмкүнчүлүктөрү. Дисциплина студенттерге этнопедагогиканын ар түрдүү аспектилерин түшүнүүгө, улуттук баалуулуктарды окуу процессинде ишке ашырууга көмөктөшөт.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-2; СИЖМК-1; КК-1; КК-3;КК-6;КК-8;КК-9; КК-11.*

**4.4. Адаптациялык-педагогикалык, кесиптик-педагогикалык, кесиптик-профилдик педагогикалык практикалардын окуу программалары**

**Практикалардын программасына аннотация**

**Адаптациялык-педагогикалык практика:** Мектепке чейинки билим берүү адистигинин 2-курсунун студенттери үчүн уюштурулган «Адаптациялык практикасы” мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин тарбиячыларын даярдоодогу негизги звенолордун бири болуп эсептелет.

Студенттердин адаптациялык практикасы Жогорку кесиптик билим берүүнүн Мамлекеттик стандарты жана адистиктин окуу планынын ПБ.5.01. бөлүгүнүн негизинде 4 кредит менен киргизилген жана Кыргыз Республикасындагы мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын базасында өткөрүлөт.

*Адаптациялык практиканын максаты –* мектепке чейинки билим берүү адистигинин студенттерин тандап алган кесипке кызыгуусун өнүктүрүү, кесиптик функцияларды өз алдынча жана чыгармачылык менен аткарууга даярдоо, инсандык сапаттарын калыптандыруу.

*Адаптациялык практиканын милдеттери:*

1. Келечектеги өзүнүн кесибинин социалдык мааниси менен маңызын терең түшүнүү.

2. Мектепке чейинки билим берүү мекемесинин тарбиялоо, билим берүү процессинин милдеттери, мазмуну жана иш кагаздары менен таанышуу.
3. Тарбиячылардын педагогикалык иш аракетине максаттуу байкоо жүргүзүү, билим берүүчү жана өнуктүрүүчү сабактарга маани берип, түшүнүү.
4. Мектепке чейинки курактагы балдарга максаттуу байкоо жүргүзүү, алардын жаш курак жана жекече өзгөчөлүктөрүн изилдөө, балдар менен байланыш түзүү.
5. Мектепке чейинки билим берүү мекемеси менен ата-энелердин бирдиктүү иш аракеттери менен таанышуу.
6. Сабактардын болжолдуу конспектилери, оюндар, майрамдык иш чаралар менен таанышуу.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-2; СИЖМК-1; КК-1; КК-2; КК-3; КК-11.*

**Кесиптик-педагогикалык практика:** Студенттердин “Кесиптик-педагогикалык практикасы” Жогорку кесиптик билим берүүнүн Мамлекеттик стандарты жана адистиктин окуу планынын ПБ.5.02. бөлүгүнүн негизинде 8 кредит менен киргизилген жана Кыргыз Республикасындагы мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын базасында өткөрүлөт.

*Кесиптик педагогикалык практиканын максаты* – студенттердин мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде окуу-тарбия процессин уюштуруу жана жүргүзүү боюнча кесиптик компетенцияларын өнүктүрүү.

*Кесиптик - педагогикалык практиканын милдеттери:*

1.Студенттерде тарбиячынын функционалдык милдеттерин аткаруусу үчүн зарыл болгон кесиптик билим, көндүм-адаттардын системасын калыптандыруу.

2. Тарбиячынын мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин ар кандай курактагы тарбиялануучуларынын топторунда күн режимин уюштуруу ишинин өзгөчөлүктөрүн изилдөө.

3. Студенттерде инсанга багытталган таалим-тарбияны камсыз кылуучу коммуникациянын ыкмаларын жана тактикасын өздөштүрүү.

4. Билим-тарбия берүүчү иш чаралардын планын түзүп, сабактарды өткөрүү.

5. Илим-изилдөө ишин тандалган балдардын курактык топторунда жүргүзүү.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-2; СИЖМК-1; КК-1; КК-3;КК-4; КК-5;КК-6;КК-8;КК-9; КК-11;КК-13.*

**Кесиптик-профилдик педагогикалык практика:** Студенттердин "Кесиптик- профилдик практикасы" Жогорку кесиптик билим берүүнүн Мамлекеттик стандарты жана адистиктин окуу планынын ПБ.5.03. бөлүгүнүн негизинде 16 кредит менен киргизилген жана Кыргыз Республикасындагы мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын базасында өткөрүлөт.

*Кесиптик педагогикалык практиканын максаты –* студенттердин мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде окуу-тарбия процессин уюштуруу жана жүргүзүү боюнча кесиптик компетенцияларын өнүктүрүү.

*Кесиптик - профилдик практиканын милдеттери:*

1.Студенттерде тарбиячынын функционалдык милдеттерин аткаруусу үчүн зарыл болгон кесиптик билим, көндүм-адаттардын системасын калыптандыруу.

2. Тарбиячынын мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин ар кандай курактагы тарбиялануучуларынын топторунда күн режимин уюштуруу ишинин өзгөчөлүктөрүн изилдөө.

3. Студенттерде инсанга багытталган таалим-тарбияны камсыз кылуучу коммуникациянын ыкмаларын жана тактикасын өздөштүрүү.

4. Билим-тарбия берүүчү иш чаралардын планын түзүп, сабактарды өткөрүү.

5. Илим-изилдөө ишин тандалган балдардын курактык топторунда жүргүзүү.

*Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1; ИК-2; СИЖМК-1; КК-1; КК-3;КК-4; КК-5;КК-6;КК-8;КК-9; КК-11;КК-13.*

## 5. НББПсын окуу-методикалык жана маалыматтык камсыздоо (Бакалаврды даярдоодогу НББП нын талаптары)

ЖКББ НББП бул бөлүгүндө төмөндөгү документтердин жана материалдардын жыйындысы берилген:

- билим берүү процессин уюштуруу боюнча жана профессордук-окутуучулук курамдын ишмердиги үчүн комплекстүү методикалык сунуштар жана маалымат ресурстары;

- ЖКББ НББП боюнча билим берүү процессинин окуу-методикалык жана маалыматтык камсыздалышы;

- ЖКББ НББП окуу планына кирген бардык окуу курстары, дисциплиналары, практикалары, илимий-изилдөө иштери боюнча студенттердин ишмердиги үчүн негизги окуу китептери, окуу-усулдук колдонмолор, маалымат ресурстары;

- окутуучуларды жана студенттерди библиотекалык-маалыматтык тейлөөнүн шартына мүнөздөмө.

### 5.1. ЖКББнүн НББПсын ишке ашыруунун кадрдык камсыздалышы

550700. ПББ багытында “ Мектепке чейинки билим берүү ” профили боюнча адистерди даярдоону жогорку квалификацияга ээ профессордук-окутуучулук курамы ишке ашырат, алардын арасынан: 1 илимдин доктору, 2 илимдин кандидаты, 3 улук окутуучу, 4 магистр жана 2 окутуучу эмгектенет.

| № | ФАА | Кызматы | Илимий жаражасы |
|---|---|---|---|
| 1. | Ажибаева А.Ж. | профессор | п.и.д.,профессор |
| 2. | Умарбекова А.А. | доцент | п.и.к., доц.м.а. |
| 3. | Стамалиева К.А. | доцент | п.и.к., доцент |
| 4. | Кумашова А.А. | улук окутуучу | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 5. | Бабаназарова С.Ж. | магистр | |
| 6. | Өмүралиева А.Ө. | магистр | |
| 7. | Асилбек кызы Каным | магистр | |
| 8. | Тажибаева Г.Д. | магистр | |
| 9. | Кочоралиева Б.А. | улук окутуучу | |
| 10. | Туткучбаева К.А. | улук окутуучу | |
| 11. | Дубашова В.С. | окутуучу | |
| 12. | Эсекеева Р.К. | окутуучу | |

### 5.2. Окуу процессинин окуу-методикалык жана маалыматтык камсыздалышы

Студенттердин китепканалык фонддорго жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу үчүн ТалМУда 5 китепкана окуу залдары менен жабдылган. Жалпы китеп фонду **67816** нусканы түзөт, ал эми электрондук киптептердин саны **4676** нуска, анын 20% кыргыз тилиндеги китептер. “Мектепке чейинки билим берүү” адистигиндеги окуулучу дисциплиналар боюнча–295 электрондук китеп жүктөлгөн. Китепкананын фонддунда кафедранын профессордук окутуучулар курамы тарабынан иштелип чыккан 1 окуу куралы, 16 усулдук колдонмо да бар .

Учурда “ИРБИС” программмасынын электрондук каталогуна 7000 нуска экземпляр китеп киргизилген. Ошондой эле “Авторефераттардын жана диссертациялардын” электрондук каталогу түзүлгөн.

Студенттер окуу планындагы дисциплиналар боюнча керектүү материалдарды окуу жайдын сайтындагы электрондук китепкана бөлүмүнөн таба алат. (http://lib.talsu.kg/ecat/index.php/login). Электрондук китепканадан “гуманитардык, социалдык жана экономикалык”, “математикалык жана табигый илимий”, профессионалдык циклдардагы материалдар бардык дисциплиналар боюнча керектүү китептерди жүктөп алууга болот. Ошондой эле студенттер кафедранын окутуучулары иштеп чыккан ОМКны Ebilim

билим берүү программасынан өздөрүнүн өздүк кабинетинен колдоно алышат.

### 5.3. Окуу процессинин материалдык-техникалык камсыздалышы

НББП сын ишке ашырууда окуу процессин уюштуруу үчүн материалдык-техникалык базага ээ, ошондой эле санитардык жана өрт коопсуздугун эске алган шарттары бар. Бакалавр программасын ишке ашырууда минималдуу зарыл болгон материалдык-техникалык базага төмөнкүлөр кирет:

- Окуу корпусунун жалпы аянты 2789,4 кв.м, ар бир студентке 10,81 кв.м.аянты туура келет.
- 1 лекциялык зал, 9 аудитория, китепкана
- интернет тармагына туташтырылган заманбап компьютерлер менен жабдылган 2 кабинет
- 1 чоң актылык зал
- 1 даана интерактивдүү доска
- 3 даана видеопроектор
- 2 даана ксеро көчүрмө-сканер-принтер аппараттары
- 3 даана принтер
- компьютерлер (деканат жана кафедраларда - 56 даана, компьютердик класста – 55 даана).

## 6. ЖКББнүн НББПсын өздөштүрүү сапатын баалоо системасынын нормативдик-методикалык камсыздалышы

ЖКББ мамлекеттик стандартына жана жогорку окуу жайы жөнүндөгү жобого ылайык билимди өздөштүрүүнү текшерүү учурдагы, аралык жана жыйынтык мамлекеттик аттестациялоону өз ичине камтыйт. ЖКББ НББП боюнча билим алып жаткандарды учурдагы, аралык текшерүүнүн аттестациялоонун нормативдик-методикалык камсыздалышы ЖОЖ жөнүндөгү Типтүү жобого ылайык жүргүзүлөт.

**6.1. Жетишүүнү учурдагы текшерүү жана аралык аттестация**

ЖКББнүн мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык НББП ишке ашырууда окуу жай баалоо каражаттарынын фондун түзөт. Алар билимди өздөштүрүүнү учурдагы текшерүү, аралыктан текшерүү аркылуу баалашат.

Учурдагы текшерүү (калыптандыруучу баалоо) окутуу процессинде окуу материалын өздөштүрүү, бекемдөө жана системалаштыруу учурунда уюштурулуучу баалоо. Анын максаты студенттин семестр ичиндеги окуп жаткан дисциплинасындагы практикалык сабактагы (оозеки суроо,маселелерди чыгаруу), өз алдынча ишти аткаруу (контролдук иш, реферат, презентация жасоо), тестирлөө түрүндө логикалык жактан бүткөн бөлүмдөр боюнча студенттердин билим деңгээлин жана окуу материалынын өздөштүрүүсүнүн даражасын баалоо. Бул баалоо окутуучуга ар бир студент менен жекече иштөөгө жана окуу материалын окуп үйрөнүүдөгү айрым кемчилдиктерди аныктоого жана окуу процессин системалуу түрдө жөнгө салып турууга мүмкүндүк берет. Учурдагы текшерүү дисциплинанын кредиттик саатынын көлөмүнө жараша семестр ичинде 1 же 2 жолу жүргүзүлөт.

Аралыктан текшерүү (жыйынтыктоочу баалоо) окуу планы тарабынан семестрде окутулган дисциплина боюнча студенттердин билим, билгичтик жана компетенциялары мамлекеттик билим берүү стандартында коюлган талапка жооп бере тургандыгын экзамендерди кабыл алуу жолу менен милдеттүү текшерүү. Орто аралык аттестациянын максаты студенттердин билимдерин өздөштүрүү,билгичтиктерин жана көндүмдөрүн калыптануу деңгээлин айкындоо менен алынган натыйжалардын окутуунун күтүлүүчү натыйжалары менен шайкештигин аныктоо.

Орто аралык аттестациядан студент өз баасына канаттанбаган учурда өтөт. Орто аралык аттестацияга тапшырылбаган модулдун суроолору же студенттин баасын жогорулатууга көмөк көрсөтүүчү модулдардын суроолору киргизилет.

## 6.2. Бүтүрүүчүнүн мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясы

Жогорку кесиптик билим берүүнүн 550700 Педагогика багытынын «Мектепке чейинки билим берүү” профилинин жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясынын программасы “Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүү уюмдарынын бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жөнүндө Жобосунун” (№258.22.05.2024) жана ТалМУнун “Жогорку билим берүүнүн бакалаврды даярдоо билим берүү программаларынын жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясынын Жобосунун” жана 550700 “Педагогика” багытынын мектепке чейинки билим берүү профилинин жумушчу окуу планынын негизинде иштелип чыккан.

Түшүндүрмө кат:

1. Кесиптик жогорку билим берүү программасын өздөштүрүү бүтүрүүчүлөрдү милдеттүү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо менен аяктайт.

2. Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүү уюмдарынын бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жөнүндө жобо (мындан ары - Жобо) бардык формалар боюнча кесиптик жогорку билим алып жаткан бүтүрүүчүлөргө карата колдонулат.

3. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоонун максаты болуп кесиптик жогорку билим берүү уюмдарынын (мындан ары - ЖКБ билим берүү уюму) бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик тапшырмаларды аткарууга болгон даярдыгынын деңгээлин жана аларды даярдоонун кесиптик жогорку билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарына шайкештигин аныктоо болуп саналат.

4. Бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо аккредитацияланган ЖКБ билим берүү уюмдарында жана алардын аккредитациясы бар түзүмдүк бөлүмдөрүндө кесиптик жогорку билим берүүнүн адистиктери жана даярдоо багыттары боюнча жүргүзүлөт.

5. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациядан өтүүгө ЖКБ билим берүү уюму тарабынан кесиптик жогорку билим берүүнүн мамлекеттик

стандартынын талаптарына ылайык иштелип чыккан кесиптик жогорку билим берүүнүн адистиктери же даярдоо багыттары боюнча билим берүү программасын толук көлөмдө өздөштүрүүнү ийгиликтүү аяктаган бүтүрүүчүлөргө жол берилет.

6. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация “Жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын” (2021-жыл) 6.3. пунктуна ылайык бүтүрүүчү квалификациялык ишти жактоо же мамлекеттик экзаменди тапшыруу аркылуу жүргүзүлөт.

7. Милдеттүү жыйынтыктоочу аттестациялык сынактардын тизмеги жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты менен белгиленет.

8. Жыйынтыктоочу аттестациялык сынактардын бардык белгиленген түрлөрүн ийгиликтүү тапшырган шартта бүтүрүүчүгө тиешелүү квалификация ыйгарылат жана мамлекеттик жана/же өздүк үлгүдөгү кесиптик жогорку билими жөнүндө диплом берилет.

9. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын программасы жыл сайын каралып,укуктук-ченемдик базаны эске алуу менен жаңыланып турат.

## Мамлекеттик аттестациялык сынактын жүрүшүндө баалануучу компетенциялар:

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияда 550700 “Педагогика” багытынын мектепке чейинки билим берүү адистигиндеги студенттеринин төмөнкү компетенциялары бааланат:

**а)- универсалдык (жалпы)**

ЖК-1. Курчап турган дүйнө жөнүндө илимий билимдерди сын көз менен баалай жана колдоно алат, жашоонун, маданияттын баалуулуктарына багыт алат жана активдүү жарандык позицияны ээлей алат, адамдарга сый-урмат жана толеранттуулукту көрсөтө алат;

- **инструменталдык (ИК):**

ИК-1. Иш  жана окуу тармагында мамлекеттик, расмий жана чет тилдердин биринде иштиктүү баарлаша алат;
ИК-2. Иште жана окууда татаал маселелерди чечүү үчүн маалыматтык технологияларды колдонуу менен жаңы билимдерди алууга жана колдонууга жөндөмдүү;
ИК-3. Ишкердик билимин жана көндүмдөрүн кесиптик ишмердүүлүктө колдоно алат.

- **социалдык-инсандык жана жалпы маданий (СИЖМК)**

СИЖМК-1. Жеке адамдардын же топтордун кесиптик ишмердигинде максаттарга жетишүүнү камсыз кыла алат.

**б)- кесиптик  (КК)**

• кесиптик милдеттерди чечүү үчүн психологиялык-педагогикалык компетенцияларды колдонууга даяр жана педагогикалык изилдөөлөрдүн натыйжаларын кесиптик ишмердүүлүктө колдоно алат (КК-1);

• методикалык маселелерди (моделдер, методдор, технологиялар жана окутуу ыкмалары) чечүүнү билет жана окутуунун сапатын баалоо технологияларын колдоно алат(КК-2);

• туруктуу өнүгүү инсанга багытталган билим берүүнүн принциптерине ылайык билим берүү процесси үчүн оптималдуу педагогикалык шарттарды түзө алат (сергек жашоо образы, жаратылышты сактоо жана жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу, энергиянын натыйжалуулугу, маданий көп түрдүүлүк, гендердик, инклюзия ж.б.) (КК-3);

• Мектепке чейинки балдарды социалдаштыруунун ыкмаларын  жана тарбиялануучулардын  жеке өз алдынча болушуна шарт түзө алат (КК-4);

• билим берүү программаларын өз алдынча тандап алууну билет, алар үчүн дидактикалык материалдарды тандап алат жана аларды педагогикалык рефлексиянын негизинде окуу процессинде адаптациялоодон кийин колдонууну билет (КК-5);

• мектепке чейинки билим берүү мекемесинде окуу-тарбия процессин уюштуруунун жана ишке ашыруунун заманбап ыкмаларын жана технологияларын колдоно алат (КК-8);

• мектепке чейинки курактагы баланын когнитивдик, социалдык-эмоционалдык, физикалык, эстетикалык өнүгүүсү жөнүндө теориялык билимге ээ (КК-11);

• балдардын өнүгүүсүндөгү ар кандай четтөөлөрдүн структуралары жөнүндө билимге ээ: интеллектуалдык жана психикалык өнүгүүсүнүн кемчиликтери бар, сүйлөө, угуу жана көрүүнүн бузулушу, кыймыл-аракет аппаратынын жана жүрүм-турум өзгөчөлүктөрүнүн бузулушу бар (КК-13);

**Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны өткөрүү тартиби**

1. Мамлекеттик аттестациялык сынактарды өткөрүү тартиби ТалМУнун окуу бөлүмү тарабынан ушул Жобонун негизинде иштелип чыгат жана билим алуунун бардык формаларындагы бүтүрүүчүлөргө жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация башталганга чейин жарым жылдан кечиктирилбестен маалымдалат. Бүтүрүүчүлөр мамлекеттик экзамендердин программалары менен камсыз болушат, аларга даярдоо үчүн зарыл шарттар түзүлөт, консультациялар өткөрүлөт.

2. Бүтүрүүчү квалификациялык ишти жактоо (жабык тематика боюнча иштерди кошпогондо) мамлекеттик аттестациялоо комиссиясынын ачык жыйынында, курамынын үчтөн экисинен кем эмесинин катышуусу менен өткөрүлөт. Мамлекеттик аттестациялык сынактарды өткөрүү жол-жобосу ТалМУнун окуу бөлүмү тарабынан белгиленет. Мамлекеттик аттестациялоо комиссиясынын ар бир жыйынынын узактыгы күнүнө 6 сааттан ашпоого тийиш.

3.Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга киргизилген мамлекеттик аттестациялык сынактардын кайсы түрүнүн болбосун жыйынтыктары ТалМУнун окуу бөлүмү тарабынан белгиленген баллдык система боюнча "эң

жакшы", "жакшы", канааттандырарлык", "канааттандырарлык эмес" деген бааларга которуу менен бааланат жана Комиссиянын жыйындарынын протоколдору белгиленген тартипте таризделгенден кийин ошол эле күнү жарыяланат.

4. Бүтүрүүчү квалификациялык ишти жактоого кесиптик жогорку билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын талаптарына ылайык иштелип чыккан кесиптик жогорку билим берүүнүн 550700 Педагогика багытынын “Педагогика жана мектепке чейинки билим берүүнүн усулу” адистигинин билим берүү программасын толук көлөмдө өздөштүрүүнү ийгиликтүү аяктаган жана жыйынтыктоочу аттестациялык сынактардын бардык башка түрлөрүнөн ийгиликтүү өткөн бүтүрүүчүлөргө жол берилет.

5. Бүтүрүүчүгө бакалавр  квалификациясын ыйгаруу жана мамлекеттик кесиптик жогорку билими жөнүндө диплом берүү тууралуу чечимди мамлекеттик аттестациялоо комиссиясы мамлекеттик аттестациялоо комиссиясынын протоколдору менен таризделген жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын оң натыйжалары боюнча кабыл алат.

Мамлекеттик аттестациялоо комиссиясынын чечимдери жабык жыйындарда комиссиянын төрагасынын же анын орун басарынын милдеттүү түрдө катышуусу менен жыйынга катышкан комиссиянын мүчөлөрүнүн жөнөкөй көпчүлүк добушу менен кабыл алынат. Добуштардын саны тең болгон учурда комиссиянын төрагасы (же аны алмаштырган комиссиянын төрагасынын орун басары) чечүүчү добуш укугуна ээ болот. Мамлекеттик аттестациялоо комиссиясынын бардык чечимдери протокол менен таризделет.

6. Бардык экзамендерди "эң жакшы", "жакшы" деген бааларга тапшырган жана окуунун бардык мезгилинде жетишүүнүн орточо баллы 3,75тен төмөн эмес (GPA - Grade Point Average) болгон, ошондой эле бардык жыйынтыктоочу аттестациялык сынактарды тапшырган жана бүтүрүүчү квалификациялык ишти "эң жакшы" деген баага жактаган бүтүрүүчүгө

артыкчылык диплому берилет. Бүткүл окуу мезгилиндеги студенттин орточо баллы дипломдун тиркемесинде көрсөтүлөт.

7. Негизги билим берүү программасын өздөштүрүүнү аяктаган жана бир же бир нече жыйынтыктоочу аттестациялык сынактардан өтүүдө кесиптик жогорку билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына даярдыктын ылайык келишин ырастабаган бүтүрүүчүлөрдү ТалМУга кайрадан калыбына келтирүү менен аныктаган тартип боюнча жыйынтыктоочу аттестациялык сынактар дайындалат.

Эгерде кайталап жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация бүтүрүүчү ишти жактоо болуп саналса, анда бүтүрүүчү “Педагогика” кафедрасынын адистике тиешелүү окуу планында белгиленген мезгилде жаңы тема боюнча жаңы бүтүрүүчү ишти аткарууга тийиш.

8. Жыйынтыктоочу аттестациялык сынактардан кайталап өтүү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациядан биринчи жолу өткөндөн кийин үч айдан эрте эмес жана беш жылдан кеч эмес дайындалат.

Кайрадан жыйынтыктоочу аттестациялык сынактар ЖКБ билим берүү уюму тарабынан эки жолудан ашык дайындалышы мүмкүн эмес.

Оң бааны жогорулатуу максатында жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны кайрадан тапшырууга жана/же бүтүрүүчү квалификациялык ишти коргоого жол берилбейт.

9. Жүйөлүү себептер менен (медициналык көрсөткүчтөр боюнча, үй-бүлөлүк шарттар боюнча, документ менен тастыкталган) жыйынтыктоочу аттестациялык сынактардан өтпөгөн бүтүрүүчүлөргө ТалМУнун студенттеринин катарына чыгарбастан жыйынтыктоочу аттестациялык сынактардан өтүүгө мүмкүнчүлүк берилиши керек.

Мамлекеттик аттестациялоо комиссияларынын кошумча жыйындары ТалМУнун окуу бөлүмү тарабынан белгиленген тартипте уюштурулат.

9. Бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоонун жыйынтыгы ТалМУнун окуу бөлүмү тарабынан окумуштуулар кеңешинде мамлекеттик аттестациялоо комиссияларынын төрагаларынын жазуу

жүзүндөгү отчетторунун негизинде угулат. Жыйындын протоколдору жана мамлекеттик аттестациялоо комиссияларынын ишинин отчеттору ТалМУнун окуу бөлүмүндө жана архивинде сакталат.

**550700 “Педагогика” багытынын “Мектепке чейинки билим берүү” профилинин НББП иштеп чыккандар:**

1. Умарбекова А.А.- Педагогика кафедрасынын башчысы, п.и.к., доц.
2. Ажибаева А.А.- Педагогика кафедрасынын профессору, п.и.д.
3. Кумашова А.А.- Педагогика кафедрасынын улук окутуучусу
4. Эсекеева Р.К. - Педагогика кафедрасынын окутуучусу

Иш берүүчүлөрдөн өкүлдөр:

Мамыкохов Т.Т. И.

Талас шаардык жана райондук билим берүү бөлүмүнүн жетекчиси

Миенбаева. Б. Я.

Талас шаарындагы №19 Е.Абилдаев атындагы МЧББ уюмунун жетекчиси

550700 Педагогика багытындагы “Мектепке чейинки билим берүү” профилинин НББПсы “Педагогика” кафедрасынын кеңешмесинин отурумунда талкууланып, жактырылды

Протокол №11. 17.06 2024-жыл ____________________ (кафедра башчысынын колу)

Факультеттин УМСинде каралып жана жактырылды
Протокол №10 21.06 2024-жыл ____________________ (УМСтин төрагасынын колу)

ТалМУнун УМСинде каралып жактырылды
Протокол №10. 02. 07 2024-жыл ____________________ (УМСтин төрагасынын колу)

ТалМУнун Окумуштуулар кеңешине сунушталды
Протокол №11. 27. 08 2024-жыл ____________________ (ОК төрагасынын колу)